5 "Примитивдүү" премьер



9 Айзада Марат: "Сизге Гарвард эмес сиз Гарвардга керексиз"



Калыс көз караш!
САРЕСЕП
23-июль, 2015-жыл
№10 (10)
saresep.kg



Данияр Нарымбаевди Генпрокуратура камакка алды

2-бетте



"Алтын стандарт" көйгөйдү чечеби?

7-бетте



30 сотых үчүн коңшусун сабаган депутат

11-бетте

# Тарыхтан да, кудайдан да жөө качкан киношниктер

"Курманжан Датка" тасмасындай эле "тарыхый тасма" деп өкмөттү, элди, жарыбаган акчага иштеп берген актёрлорду алдаган "Кыргызфильмдин" тегерегиндеги мафиянын ниети акча жана куру атак-даңк экени билине баштады. Азыр бул кужурмөн топ "Шабдан Баатыр" тасмасына бөлүнгөн 80 млн. сомду сиңирип, Батышка кыргыздын абийирин айрандай төгүп, элди кыргыз-казак, түндүк-түштүк, сарбагыш-саяк кылып бөлгөнгө камданууда. Мында алар жөнүндөгү икаянын бир эле бөлүгү



3-бетте





## Түлеевдин кызынын билдирүүсүнөн улам митинг башталмакчы

Назгүл Түлеева Данияр Нарымбаевге кайрылып, мүлктөрдү конфискациялоону мыйзам чегинде жүргүзүү боюнча жардам сураган. Н.Түлеева билдиргендей, ошол эле күнү ал Нарымбаевдин айтканы боюнча депутат Х.Коркмазовго байланышка чыгып, Коркмазов андан 50 миң АКШ долларын сураган. Ал акча берилген соң бул сумма Турганбаевге телефон чалуу үчүн гана алынганын айтышкан. Андан тышкары Нарымбаев депутат Коркмазов аркылуу Жогорку Соттун судьяларына команда бериш үчүн 150 миң доллар, ал эми сот ишин толук көзөмөлгө алуу жоопкерчилиги үчүн 350 миң доллар сураткан деп билдирет Назгүл Түлеева.

Данияр Нарымбаевди камакка алууга байланыштуу уюштурулган мөөнөтсүз митинг 23-июлда Башкы прокуратуранын алдында башталып, Данияр Нарымбаев камакка алынганга чейин уланат.

Митингдин уюштуруучуларынын бири Мелис Аспековдун маалыматына ылайык, эгер бийлик митингдин талаптарын укпаса, анда наразылык акциясы ачкачылык жарыялоо менен коштолот. Д.Нарымбаевдин тергөө иштери бүткөнгө чейинки аралыкта камалышы талап кылынат. Эгерде ал камалбаса, Нарымбаевдин коррупциялык иштеринин артында президент А.Атамбаев өзү турат деп эсептешет.

Мөөнөтсүз митингде Башкы прокурор Индира Жолдубаеванын кызматтан кетүүсү да талап кылынат.




## ФИФА Кыргызстандын футбол федерациясына иш козгоду

Бул тууралуу Кыргызстандын футбол федерациясынын вице-президенти Асылбек Кадралиев Бишкекте болгон басма сөз жыйынында билдирди.

Анын айтымында, ФИФА Кыргызстан-Австралия беттешиндеги күйөрмандардын фаер жагышы, ошондой эле Кыргызстандын командасы гол киргизген учурда Австралиянын дарбазасына күйөрмандын чуркап баруусу боюнча иш козгоду. Мындан тышкары ФИФА матч учурунда стадиондо күйөрмандардын санынын нормадан көп болушун эң начар көрсөткүч катары белгиледи.

"Стадион жык-жыйма болбой, өтмөктөр менен секторлордун ортосу бош турушу керек болчу",-деп баса белгиледи Кадралиев.

Матч учурунда стадиондогу бардык өтмөктөрдө күйөрмандар тургандыктан, чукул кырдаал чыгып кетсе, алар стадиондон чыга албай калышмак. ФИФАнын өкүлдөрү мунун баарын каттоого алышкан.

Эскерте кетсек, 16-июнда Бишкектеги Дөлөн Өмүрзаков атындагы стадиондо Кыргызстан менен Австралиянын футбол командалары беттешкен.




# Данияр Нарымбаевдин 50 миң доллар пара алганы тастыкталып камалды

Президенттик аппараттын экс-жетекчиси Данияр Нарымбаев Башкы прокуратурага суракка чакырылды жана депутат Хажимурат Коркмазов менен беттештирилди. Бул маалыматты Башкы прокуратурадан тастыкташты.

Маалым болгондой, Нарымбаев Кылмыш кодексинин "коррупция", "пара алуу", "кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу" беренелери боюнча шектелип камакка алынды жана УКМКнын убактылуу кармоочу жайына камалды.

Башкы прокуратура Данияр Нарымбаев Коркмазов аркылуу Түлеевдин жакындарынан 7-майда 50 миң доллар алганы аныкталганын билдирүүдө. Ошондой эле тергөөнүн жыйынтыгы менен Х. Коркмазов Президенттик Аппараттын жетекчиси менен сүйлөшүп алып, Нариман Түлеевдин үй-бүлөсүнөн 200 000 АКШ долларын сураганы аныкталды.

Ал эми өткөн жумада ЖКнын депутаты Хажимурат Коркмазов камактагы депутат Нариман Түлеевдин жакындарынан 100 миң доллар пара алып жатканда УКМК тарабынан кармалган. Айрым маалымат каражаттары бул ишке Нарымбаевдин дагы тиешеси бар экенин жазып чыгышкан болчу.

## Жанар Акаев шайлоого КСДП партиясынын тизмесинин алдыңкы катарында барышы мүмкүн



Президенттин басма сөз катчысы Жанар Акаев шайлоого КСДП партиясынын алдыңкы тизмесине кирүү менен барышы мүмкүн. Мындай маалыматты КСДП партиясынын жаш канатынын өкүлү Нуралы Нурбеков билдирди.

Анын айтуусунда, бул жолку шайлоодо аталган партияга таза, активдүү жаштарды алуу божомолдонууда. Маселен Президенттин басма сөз катчысы Жанар Акаев, "Ыйман" фондунун жетекчиси Нуржигит Кадырбеков жана КСДПнын Жаштар канатынын лидери Ренат Самудинов алдыңкы тизмеде барышы мүмкүн. Ал эми жашы өтүп калган жана бизнес менен алектенгендер кошулбайт. Ошондой эле 5-чакырылышка КСДП партиясынын тизмеси менен депутат болгон Ыргал Кадыралиева менен Турсунтай Салимов бул жолу партиянын катарында болбой турганы айтылды.

Жанар Акаевдин өзүнүн талпакерлиги жөнүндө уккан эместигин айтты. Ал шайлоонун тизмесин жарыялоо азыр эрте экенин кошумчалады. Президенттин алдындагы "Ыйман" фондунун жетекчиси Нуржигит Кадырбеков болсо, КСДП партиясына талапкер экенин башкалардан уккан. Анын айтуусу боюнча, "фейсбук" социалдык тармагында алдыда шайлоого катыша турган талапкерлердин тизмеси түзүлүп добуш берүү жүргөн. Тизменин алдыңкы катарларында Нуржигит Кадырбеков да болгон. Бирок бул тизмени ким түзгөнү тууралуу маалыматы жок экенин айтып, КСДП партиясына такыр тиешем жок дейт. Ошондой эле, "Ыйман" фонду саясаттан бийик турат, руханий багытта иш алып барган өзүнүн чоң максаттары бар экенин баса белгилеп, саясий долбоорлор тууралуу ойлонгон эмесмин дейт.

КСДП партиясынын тизмесин жаш активисттер түзө турганы тууралуу бир топ маалыматтар чыгып жүрөт. Партия лидери Чыныбай Турсунбеков, бул маселе август айында өтө турчу съездде чечилээрин билдирген. Ошол эле фракциянын депутаты Абдыманап Кутушев, билимдүү, турмуштук позициясы бар, активдүү жаштар саясатка келсе өлкө үчүн жакшы болоорун белгилейт.

## 60 жаштан жогорку жарандарга акысыз паспорт берилет



Бул тууралуу Мамлекеттик каттоо кызматынын Калкты каттоо департаментинин жетекчиси Дүйшөн Сатыбалдиевдин маалымат жыйын өткөрүп, Кыргызстан боюнча 60 жана андан жогорку жаштагы жарандарга паспортторун акысыз алмаштырып берүү иш-чарасы башталгандыгын билдирди.

БУУнун Качкындар иши боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын маалыматы боюнча Кыргызстанда 2015-жылдын июнь айына карата 7 579 жарандыгы жок адам аныкталган.

# Тарыхтан да, кудайдан да жөө качкан киношниктер

"Курманжан Датка" тасмасындай эле "тарыхый тасма" деп өкмөттү, элди, жарыбаган акчага иштеп берген актёрлорду алдаган "Кыргызфильмдин" тегерегиндеги мафиянын ниети акча жана куру атак-даңк экени билине баштады. Азыр бул күжүрмөн топ "Шабдан Баатыр" тасмасына бөлүнгөн 80 млн. сомду сиңирип, Батышка кыргыздын абийирин айрандай төгүп, элди кыргыз-казак, түндүк-түштүк, сарбагыш-саяк кылып бөлгөнгө камданууда. Мында алар жөнүндөгү икаянын бир эле бөлүгү



### Т.Төлөмүшов : "Жапырт колдогон актиптерди Каныбек Иманалиев тетири кайрады"



Кемин районунун Аксакалдар кеңешинин тең төрагасы Теңизбай Төлөмүшов: "Шабдан атабыздын тикелей тукуму болбосо да тарыхчыларыбыз Кыяз Молдокасымов, Тынчтыкбек Чоротегин, жаштардан Гүлжигит Исаков, Улан Усупов, Ленара Ниязбекова, Аида Кубатова жана башкалар күйүп жүгүрүп жүрүшөт. Баарына рахмат. Бул тарыхты бурмалабайлы деген аракетке, мамлекет тарабынанбы, билбейм, катуу тоскоолдуктар жаратылып атат. Биз бул топтун аракеттерин айтканда биздин Кеминдин активтери бүтүн колдошкон. Биз алардын планеркасына эки жолу катыштык. Баары жапа тырмак сонун күтүп алабыз деп убадаларын беришкен. Тасмага бөлүнгөн 80 млн. сом жетпей калса, биз беребиз, болгону туура тартылсын деп айтышкан. Бул жердин Тилеген деген айыл өкмөтү тим эле "муну мындай, тигини тигиндей кылабыз" деп акыл кошуп жүгүрүп жүргөн. Келген тарыхчыларды бир сутка кетирбей тундурабыз деген. Бул каршы чыгып аткандардын аркасында Каныбек Иманалиев турат. Бүт баары анын жеке кызыкчылыгы үчүн уюштурулуп жатат. Үч күндөн бери баары сөздөрүнөн баш тартып, качып кеткени аз келгенсип, силердин келгениңерге тоскоолдуктарды жаратып жатышат. Бирок биз, эл журт сиздерди колдойбуз. Сценарийдин бешинчисин жаздык дешет. Сценарий жазууга конкурс жарыялашсын. Аны жаза билген киши жазсын да. Орусча жазып алыптыр кыргызча билбейм деп. Эгер тарыхчылар тасмага ушу бойдон жол беришсе, кылымдын кылмышын кылган болушат".

### А.Беделбаев: "Эрнисти чулдуратпай Темир Бирназаровдун сценарийин караш керек"



Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университеттин Тарых факультетинин деканы Аскар Беделбаев: "Силер, коомчулук көтөрүлүп чыккандан кийин, булар тарыхчыларга кайрылууга мажбур болушту. Мен "Шабдан Баатыр" тасмасына Тарых институту бекитип берген расмий илимий консультантмын. Өскөн Осмонов кандайча кирип калганын билбейм. Ал 19-кылым менен 20-кылымдын башы боюнча адис эмес. Ал советтик мезгил боюнча адис. Мен 1-талкуусуна катышканда "сценарийде Шабдандын образы жок, баатырды катынпоз кылыпсыңар, мындайыңар жарабайт" деп урушуп чыгып кеттим. Ошол жерде Эрнис Абдыжапаров айтып алды "мага киношниктер тарыхчыларды такыр укпа дегени туура экен, мен силерди укпайм" деп айтып алган. Укпасаң эмне чакырдың деп чыгып кеттим. Эми расмий оппонент кылып коюптур, акыркы талкууга катыштым. 1-вариант менен акыркысынын ортосунда 50 пайыздай өзгөрүү бар. Бирок дагы эле Шабдан баатырдын образын жакшы ачып берчү негизги окуялар киргизилген эмес. Ката жерлерин айтып, расмий жазып бердик. Эрнис чулдурап ар кайсыны сүйлөп баштаганда Темир Бирназаров деген бала өзү жазып чыккан сценарийди окуп баштады. Анда нукура тарыхтын тили менен такыр башкача жазылган. Анда көп нерсеси башкача. Биз сындаган жердин баарын ошол бала оңдоп чыгыптыр. Менимче тарыхты дурус билген кыйын жигит окшойт. Сценарийди башында ачык эле интернетке коюп атпады беле. Эми эмне жашырып башташты билбейм. Эмнеге конкурс жарыяланбаганын билбейм. Булар "Кыргызфильмде" конкурс жарыялап туруп эле Эрнис Абдыжапаровго берип коюшуптур. Биз бул сценарийге "жарайт" деген бүтүм бере элекпиз.

### Л.Ниязбекова: "Кыргызфильмде "кыргыздар адатыңарды карматтыңар" деген пендечилик"



Ленара Ниязбекова талкуу тобунун мүчөсү: "Эрнис Абдыжапаровдун сценарийин жарыя койгонун эч ким билбейт. Сценарийдин башында "Каныбек Иманалиевдин "Шабдан баатыр" деген китеби боюнча сценарий" деп жазылган. Башында ал "Кыргызфильмдегилер" тасманы тартасың деп таңуулап коюшкан деген. "Кыргызфилмге" барып бир дагы кыргыз тилдүү инсан көргөн жокпуз. Гульмира деген айым жетектейт экен. Анын болгону бир гана дарты бар экен "силер "биз оңдогон сценарий менен тартылды" деп атагыңарды чыгарганы атасыңар" дейт. Ушундай пендечилик денгээлде караган адам экен. Биздин максатыбыз дүйнөгө кыргыздын ким экенин нукура таза тааныткан тасма болсун деп аракет кылып жатабыз. Гульмира айым сценарийди силерге бербейбиз, сентябрда толук даяр болгон соң көргөзөбүз дейт. Эрнис Абдыжапаров бул сценарийди 12 адамдан турган редколлегия талкуулап чыкты, силер пикир айтканыңарга мен таң калып жатам деген. Кимисиники чындык? Кыргыздар адатыңарды карматтыңар, кыйкырып атып бул фильмди тарттырбай салганы жатасыңар деген сөздөрдү айтышат. Кыргыз, эл жөнүндө сүйлөгөндө кылдат болсок жакшы болмок. Ар бирибиздин эгоборубуз, менменсинүүбүз бар. Бирок Шабдан баатыр сыяктуу инсан тууралуу тасма тартканда жеке амбицияларыбызды жыйыштырып, калыстык менен коркпостон тарыхый чындыкты айтсак. Эл-журт болгон соң акыр-аягы жакшы эле чечилет деген ишенимдебиз.

### Г.Исаков: "Э.Абдыжапаров "Биз жайсаңчылар жеңебиз" деди"




"Шабдан Баатыр" тасмасын талкуулоо тобунун координатору Гүлжигит Исаков: "Биздин "Шабдан Баатыр" тасмасын талкуулообуз "Курманжан Датка" тасмасы чыккан соң башталды. Ал тасмадагы мүчүлүштүктөргө сын пикирибизди айтканбыз. Бирок кеч болуп калды. Конкурс жарыяланбай эле тартылган тасма бизге чоң сабак болду. "Шабдан Баатыр" тасмасынын сценарийине сынак жарыяланыптыр деген кабарды угуп, талкуусуна катышууну чечтик. Талкууга салынбай эле кабыл алынып калган Эрнис Абдыжапаровдун сценарийин сурасак бизге берди. 1-талкууну 2015-жылдын 4-апрелинде уюштурдук. Ал талкуудагы сунуштарыбыз боюнча аябай аз өзгөртүүлөр киргизилиптир. 27-апрелде 2-талкууга тарыхчылар катышып көптөгөн мүчүлүштүктөрдү Эрнис Абдыжапаровдун бетине коюшту. Шабдан батырдын тукумдары да катышып, сценарий менен макул эместигин айтышкан. Талкуу сайын 20 пайыздан жакшырып келе жатат деп, жакшы тилектерин айтышкан. 11-майда 3-талкуудан кийин Тынчтыкбек Чоротегин агабыз "Кыргыз Туусу" гезити менен "Азаттык" радиосуна сценарий боюнча кенен пикирин айтты. Ошондон баштап Эрнис мырза кийинки сценарийлерди бербей келет. "Кыргызфильмдин" жетекчиси Гүлмира Кулистановага кирдик. Биз ага "тарыхый тасмалар чоң мааниге ээ боло баштады, туура тартылсын" дедик. Ал "бул тасма силер үчүн эмес, карапайым эл үчүн тартылып жатат" деп койду. Министрликке кат жолдосок жооп жок. Эрнис Абдыжапаровго барып "биздин ниетибиз таза, тарыхчылар сценарийди түздөп берсе жакшы болгону жатпайбы, каражат жетпей калса издеп, табышабыз" десек, ал: " Мен жайсаңчымын. Бийликте биз турабыз. Силер сындайсыңар, биз баары бир силерди жеңебиз. Биздин атагыбыз чыгат" деп жооп берди". Тарыхчы консультанттардын бири – Өскөн Осмонов апрель айында "мен сценарийди окуп чыктым, аябай сонун кынтыксыз жазылыптыр, менин каршылыгым жок" деп жазып бериптир. Ошонун катын кармап "тарыхчылар минтип жазып берсе, силер эмнени сүйлөп жатасыңар" деп бетибизге кармап турушат.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Сиз «эркинмин» деп ойлойсузбу?

Сиз жай бою желеге байланган кулунду жетелеп көрдүңүз беле? Же болбосо, өтө жоош, тим эле маңыроо торпокту ноктосунан тартып, короого киргизгенсизби? Же болбосо, жанагы куурчактай жасалгаланган күчүктөрдү жетелеп алып, сейил бактарда эс алып жүргөн кишилерди көрсөңүз керек. Тим эле эпилдеген элпек күчүктөр бар го. Ээси нары тартса, нары кетет, бери тартса, бери кетет. Элестеттиңизби? Эмесе, сиз экөөбүз так ошол күчүккө окшогон жетекке бош, каргысы кайда тартылса, ошол жакка баскан бир нерсеге айланганыбызды да эстеп коюңуз. Кантип эле дейсизби? Анда угуп туруңуз

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Бүгүн интернетте отуруп канча тасма көрдүңүз? Канча маалымат алып, канча маалыматка коммент жаздыңыз? Балким, кечке жыргап, кино көрүп отургандырсыз? Айрыкча Голивуддун кинолору ойда бир эс алдыргандыр, тууранбы? Ошентип, бүгүнкү эле күндү алганда, сиз эртеден-кечке же ар кайсы жаңылыктарды окуп, же роликтерди көрүп, же коммент жазып, же кино көрүп, жыргап отурдуңуз. Эми айтыңызчы, сиз керээли-кечке көз алдыңыздан өткөргөн ошончо маалыматтын канча пайызын кайра айтып бере аласыз? Канчасын электен өткөрүп, сизге пайдалуу жактарын эсиңизге түйүп, пайдасыз жактарын биротоло унутканга аракет кыласыз? Айтылган, сүйлөнгөн сөздөрдүн канчасы сизге чындап керектүү же чындап айтыла турган маалымат экенин, канчасы курулай эле айтылып калганын, же канчасы дайыны жок сөзгө айланып, убактыңызды алганын, же канчасы сизге кереги тийип, канчасы дегеле эки жүз жыл жашасаңыз да бир жолу пайдасы тийбей турганын биле алдыңыз? Канча тасма же ролик сиздин маданиятыңызга, улуттук көз карашыңызга, адамдык түшүнүгүңүзгө туура келерин, канчасы тууpa келбесин байкадыңыз? Деги эле жок дегенде ушундай бир эсеп-чот болду беле сизде? Эгер жок дей турган болсоңуз, анда кечирип коюңуз, сиз менен кожоюну керээли-кечке жетелеп жүрүп эс алдырган күчүктө айырма деле жок экен. Себеби так ошол күчүк деле баскан-турганын, көргөн-билгенин керек, керек эмес деп айырмалабайт. Ошол күчүктү да ээси каалаган убакта оңго, каалаган убакта солго жетелеп, каалаганын көргөзүп, каалаганын көргөзбөй эс алдырат. Каалаганын жыттатат, каалаганын жедирет. Өзүнүн табитине жараша тарбиялап, ошого жараша багат. Ал эми маалымат айдыңын башкаргандар, кино тасмаларды тууралап чыккандар да сизди так ошондой жетелеп баратат. Алар тандаган кинолорду көрөсүз. Алар жиликтеп чыккан маалыматтарды окуйсуз. Алар бир канча жыл алдыга ойлонуштуруп койгон түшүнүккө жараша кыймыл кыласыз. Керек болсо, алар сунуштаган нерселерди жейсиз, алар айткандай ичесиз, алар айткандай кийинесиз.

Үстүңүздөгү кийимди караңыз. Бутуңуздагы бут кийимди караңыз. Досторуңузду караңыз, көчөнү караңыз, кесиптештериңизди караңыз. Бүт баары ошондой. Баары көз алдыңызда турат. «Заман ушундай» дейсизби? Же «мода» дедиңизби? Тообо кылдым, тиги күчүк да ошентип жооп кайтармак. Эгер жооп берүүгө мүмкүндүгү болгондо ошентип айтмак ал дагы. «Мага окшогон күчүктүн баары эле ушинтип жүрбөйбү. Азыр заман ушундай да. Барчы нары, мен кимге күчүк болом, кимге болбойм, өзүм билем» демек. Кудум аны ээси тандап албай эле, өзү ээсин тандап алгандай ошентип тыкылдап жооп бермек. Бирок ал айбан да. Кайдан билсин, бечара айылдарда канчалаган иттер кааласа, короого жатып, кааласа, талаага кетип, жашап атканын. Кайдан билсин, өзүнүн эле тукумдашы карышкыр ээн-эркин эле, эч кимге көз каранды болбой эле жашап атканын? Билбейт да ал. А бизчи?...

«Биз да билбейбиз» деп коёлу эми... «Биз да өз маданиятыбызга, өз түшүнүгүбүзгө жараша жашаса болорун билбейт экенбиз» деп коёлу. «Билип туруп ушундай болуп калдык» дегенге караганда «билбейбиз» деп койсок, ошол жетеленген күчүккө тең болуп калаарбыз. Болбосо, ит эле болобуз го...

Жетеленген торпокту карагылачы эми. Саанчы аял ага энесин бир аз эмизди дагы калган сүттү өзү саап алыш үчүн нары жетелеп барып байлап салды. Бечара торпок эне сүтүн эмгиси келип, жулунганына карабай наркы түркүккө байланды. Балким, ал торпокту ошол жерден өлгүдөй сабасаңыз же капилеттен катуу үркүтсөңүз тиги мойнундагы жипти жөн эле жулуп кетмек. Бирок негедир жулунумуш болду да, токтоп калды. Адам деген билет да. Аны көп чыдай албай турган жеринен, мурдунун үстүнөн, анан кулагынын түбүнөн жип өткөрүп нокто кылып байлап коюптур. Бир аз күч келтирсе, ошол талуу жерлери биринчи зыркырайт. Торпок бечара ошону менен анча жанын кейиткиси келбей туруп берет. Күчү жетчү нерсеге чыдамы жетпей туруп берет. Элестеттиңизби?

Эми өзүңүздү ойлоп көрүңүзчү? Байланган торпокко окшош эмесмин дейсизби? Жакшылап ойлонуңуз. Күн ысыкта сизди дырдандатып чечинтип койгон ким? Чечинбей деле койсоңуз болот эле. Мындан ысыкка деле чыдап койсоңуз болмок. Же тигил чочконун этин жебей деле койсоңуз өлмөк эмессиз. Же той-топурда арак-шарап ичпегендер деле жакшынакай отурат. Бирөө да тойдо шарап ичпей өлүп кала элек. Бирок сизге да кудум ошол торпоктукундай нокто катып коюшкан. Талуу жерлерден жиптер өткөрүлгөн сизге дагы. «Тойлор кантип шарапсыз өтсүн», «Ушул ысыкта кантип узун шым кийсин», «Элдин баары эле тиги тегерек тумшукту жеп атпайбы» жана башка, жана башка... ноктолонгон жерибиз торпоктукунан да көп. Бир аз эле чыдап койсок анын баарын үзүп, эне сүтүнө жеткени турабыз. Бирок аракет кылбайбыз да, чиркин. Жок дегенде көзү аңтарылганча жулунган кежир торпокчо аракет кылбайбыз. Тим эле маңырайып гана туруп беребиз.

Чынында ал торпок башында далай нокто, далай чылбырды үзсө керек. Бирок аны ээси кайра үзсө, кайра байлап жүрүп көндүргөн. А биз ушуга чейин бир да чылбыр үзө элекпиз. Себеби бизге кайра-кайра катуу жаза колдонгон киши жок эмеспи азыр. «Арак ичпей койдуң», «Кыска кийбей койдуң», «Чочконун этин жебей койдуң» деп эч ким жазалана элек да, тууралбы? Анда эмне, биз тиги торпоктон да ылдыйыраак болуп калдыкпы? Кечирип коюңуз, катуу тийсе, бирок мен жөн гана ой жоруп атам. Эми аны талдаш сиздин колуңузда...

Жетекте бараткан кулунду да эстейлиби? Эми аны эмне кылышат билесизби? Жетекке бош, жоош кулундарды жетелеп барып минишет. Күлүк болсо, айласын кетирип, таптап туруп күлүккө чабышат. Өжөр болсо, оозун кайыштай керип, улак тартышат. Күчтүү болсо, үстүнө жүк артып, араба тартышат. Мына анын келечеги. Өмүр бою кимдир бирөөгө кызмат кылат.

А биз кимге кызмат кылабыз? Баса, сиз өзүңүздү эркин адаммын деп ойлоп атасызбы? «Кулунга салыштырба» дегени турасыз го. Кызыксыз, анан кимге салыштырам. Кулун эмес, эмнесиз? Күчүктөй кылып жетелеп жүргүп көндүрүшсө. Торпоктой кылып тарбиялашса. Анан чоңойгондо тайдай кылып минишет да. Жөн коюшмак беле? Ишке жарабаган немени тарбиялап, жетелеп эмне кылышсын. Өздөрү чыгарган тамакты жедиришет. Өздөрү чыгарган кийимди кийгизишет. Өздөрү чыгарган кинолорду көргөзүшөт. Өздөрү чыгарган ырларды угузушуп, өздөрү чыгарган бийлерди бийлетишет. А сиз болсо, күнүгө маңдай териңиз менен тапкан акчаңызды аларга берип жүрө бересиз. Бирок бул бери эле чети. Кийинтип-ичинткени бир эле бурчу. «Өзүбүз алардай кийим тиге албасак, алардай даамдуу нерселерди жасап, сонун кинолорду тарта албасак кантели?» деп, шылтоо айтып кутулсаңыз деле болот. Бирок бул шылтооңуз деле тиги торпоктун ноктосунан нары аша албас.. Деги кандай болгон күндө да билип коюңуз, кийим-кече, тамак-аш деген алдыда турган ороонун берки эле чети. Алардын максаты бул эле эмес. Мына, бүгүн гейлерди, лесбиянкаларды таратып, уят-сыйытты жыйыштырып атышабы? Бүгүн арам-адалды аралаштырып, энени балага тили өткүс, аганы иниге кол жеткис кылып, аялды эрин сыйлабас, эрин аялды жыргатпас кишиге айлантып атабы? Бүгүн туугании туугандан бөлүп, адамды адамга тукуруп атышабы? Бүгүн тынч жаткан эки элди чабыштырып, ойдо жок жерден уруш чыгарып, жөнү жок жерден кан төгүп атышабы? Анда билип коюңуз, алардын максаты ишке ашып келатканы ошол. Эгер минтип торпокчо томпоюп, күчүкчө кыңшылап жетекте жүрө берсек, анда эртең же алардын улоосу болуп арабага чегилебиз, же бычылган аттай укум-тукумдан айрылып, биротоло жок болобуз. Ошондо алар «жыйырма биринчи кылым деген ушул, чыныгы эркиндик деген ушул» деп, кудуңдап кол чабышат. Жыргап кол чабышат, чиркин...


Сүрөт ▸ Новые лица

# “Примитивдүү” премьер

Өткөн жуманын аягы диний түстө аяктады. Кеп атайын кызматтар тарабынан жок кылынган зөөкүрлөр же Орозо Айт жөнүндө эмес, 16-июлда эл алдында өз пикирлерин айткан эки мамчиновник жөнүндө болмокчу

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

Алардын бири – премьер-министр Темир Сариев. Ал 16-июлда билим берүү системасынын көйгөйлөрү тууралуу маселелер көтөрүлгөн кеңешмеде бир катар ойлорун айтты. Оболу мечиттер 2669 болуп, мектептер 2027 экенин, медреселер 67ге жетип, ЖОЖдор 52 эле болуптур деген статистика келтирип, бул тенденцияны өзгөртүү керек деди. Коомчулук менен мугалимдерди өз катарына тарта калып, “Биз билимдин баалуулугун башкаларга түшүндүрүүбүз керек” деди. Аягында “Билим берүүнүн таңкыстыгынан улам жаштар түрдүү диний агымдарга кирип кетип жатат. Ошондуктан чукул чараларды көрүү керек” деп, сөзүн жыйынтыктады.

Ички иштер министрлигинин 10-башкы башкармалыгынын башчысынын милдетин аткаруучу Салимов Раим мырза АКИпресс маалымат агенттигине берген маегинде өлкөнүн 2 миңден ашык мечитинин имамдары ислам эмне экенин билишпейт деген оюн айтты. Сөзүн сурамжылоо менен тастыктап, 50-70 пайыз имам элементардык суроолорго жооп бере албагандыгын кошумчалады.

Эки чиновниктин сөзүн бир органа келтирсек, өкмөттө башаламандык барбы деп ойлойсуң. Өкмөт башчы мечит-медресе көбөйдү деп чоочуласа, кол алдындагы аткаминери имамдардын билиминин төмөн экенине наараазы. Мейли, андай болсун. Ким келип, ким кетпеди, мындай майлуу жерлерге. Биз болгону бир нече суроого жооп алгыбыз келет. Биринчиси, ислам эмне экенин билбеген имамдар болобу? Экинчиси, мектеп бул имарат элеби? Үчүнчүсү, мечит менен медресе жана мектеп менен ЖОЖдорду салыштыруу канчалык туура? Төртүнчүсү, мектепте билим берүү жакшырса эле элдин дин менен иши жок болуп калабы?

# А.Эргешов: “Казынаны туура пайдаланышса, көп мектеп бүтмөк”

Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын (КМДБ) Окуу бөлүмүнүн башчысы Аким Эргешов:




Биринчиден, биз ким-кимге баа берип жатканына көңүл бурушубуз керек. Дин кызматкери ички иштер кызматкерине баа бере албайт. Ошол эле учурда ички иштер кызматкери, башчы болсо да, дин кызматкерине баа бере албайт. Баа бергидей суроо да бере албайт. Экинчиден, мечиттерге мусулмандардын диний муктаждыктарына жараша койгон талап жана суроолоруна жооп бере алган имамдар коюлган. Эгер анын деңгээли талапка ылайык болбосо, бул жалпы коомчулуктун көйгөйү. Анткени биз кадрдык маселени мамлекеттик деңгээлде чече албай келебиз. Жакында эле имамдарыбыз аттестациядан өттү. Ага мамлекеттик Дин комиссиясынын, Аалымдар кеңешинин, Муфтияттын тиешелүү мүчөлөрү катышты. Алар эмне эч нерсе сурабай эле узатып коюштубу имамдарды? Ооба, кулагандар болду, бирок ийгиликтүү тапшыргандар көп болду. Ошондуктан биз дин кызматкерлерине объективдүү шарттарды эске алып, анан баа берүүбүз керек. Ислам – жалгыз кудайды таанытуу жана мусулмандын моюнундагы беш парзды үйрөтүү. Имамдарыбыз Кудай менен Пайгамбарыбыз алдында жана инсан алдында кандай адеп-ахлактуу болуш керек экендигин үйрөтө алат.

Биз адамдардагы руханий жана материалдык муктаждыктарды салмактап көрүшүбүз керек. Адамдын руханий муктаждыктарын камсыздоого багытталган мечиттер бюджеттен бир тыйын ала элек. Бюджеттин акчасы менен биз мечитке бир кирпич сатып ала элекпиз. Жетекчи мындай ойду айткандан уялышы керек, менимче. Динибиз мамлекеттик деңгээлде таанылса, мектептер да салынмак. Ислам эч качан диний ишеним менен илимди бөлүп, бири-бирине каршы койгон эмес. Эмне үчүн мусулмандар мектеп сала албай келүүдө? Анткени мектептерде диний сабак окутууга болбойт. “Эмнеге мектептин саны мечиттен аз” деген суроону мусулмандардан эмес, алар өздөрүнөн сурашы керек. Эгер алар казынадагы каражаттарды жакшы пайдаланышса, көп эле мектеп бүтмөк. Бирок алар бул көйгөйдү мусулман коомчулугуна илип койгусу келет.

Эгер диний мекемелер билим берүүгө тоскоол болуп жатса, эмнеге Коргоо Кеңешинде маселе каралып жатат? Эмнеге мамлекеттик структуралар менен биргеликте бир топ иш-чаралар жасалып келет? Эмнеге бул багытты колдогон “Ыйман” фонду түзүлдү? Көптөгөн дүйнөгө таанымал окумуштуулар, жүздөгөн, миңдеген калайыктын алдына чыгып, Жараткандын бар экенин, Пайгамбардын анын Элчиси экенин тастыктаган. Эмне биздин мээбиз алардыкынан ашып кеттиби? Дин менен илим эч качан бири-бирине каршы келген эмес. Каршы келбейт дагы.

# М.Ибраев: “Мектеп көбөйгөн сайын мечит да сөзсүз көбөйөт”

Марс Ибраев, Кыргызстан мусулмандарынын Уламалар Кеңешинин төрагасынын орун басары, диний эксперт



Биринчиден, сан жагынан алсак, өлкөдө мечиттин жана имамдардын көп болуусу – жакшылыктын жышааны. Мурунку кылымдын 90-жылдары 30 эле мечит болсо, азыр алардын саны 2 жарым миңден ашып калды. Арада өткөн 20 жылда сырттан окуп келип же бул жерде таалим-тарбия алып жетишкен имамдарыбыз бар. Албетте, имамдарыбыздын баары диний жогорку билимдүү, талаптагыдай идеалдуу деп айтуудан алыспыз. Бирок жакында Муфтият, Уламалар кеңеши жана Мамлекеттик дин комиссиясынын өкүлдөрү өткөргөн аттестацияда имамдардын буга чейинкиге караганда бир топ илимге ээ болгону жана тарбиялангандыгы көрүндү. Мындан 2-3 жыл мурунку эски статистикага таянып эле “имамдардын көбү сабатсыз” дегендик дурус эмес.

Менин назарымда, мамлекет, өкмөт башындагы инсандар ар тараптуу, идеалдуу жана пикири кенен адамдар. Дин десе, динден, табият илими десе, андан, саясат десе да саясаттан кеңири түшүнүгү бар, төгөрөгү төп келишкен инсандар деп ойлойм. Бирок кээ бир учурларда алар өздөрүнүн деңгээлине ылайык келбеген нерселерди айтышканда адамдын ичинде кандайдыр бир сыздоо, өкүнүү пайда болот. Мечит-медресе менен мектеп жана ЖОЖду салыштыруу өзү дурус эмес. Алардын ар биринин функциялары ар башка. Мечит-медресени салгандар тууралуу айтсак, Куранда “Акыйкатта Жаратканга жалбаруучу жайларды жүрөгүндө ишениими бар, кудайдан корккон инсандар курат” делет. Демек, жаштардын келечегине күйүп аткан жетекчилер ошол эле адамдарды мектептин, бала-бакча, поликлиника салууга үндөсүн, аларга таасир берсин. Имамдар мечит эле куралы деген жок. Дайыма мечит менен бирге мектеп, бала бакча куралы, жол салалы деп какшап келишет. Экинчиден, эң кичине мектептин аянты – 1000 чарчы метр, ал эми мечиттин орточо аянты – 100-150 чарчы метр. Бир мектеп курула турган каражатка 10 мечит салса болот. Ошол эле учурда мектепте 7 жаштан 18 жашка чейинки балдар окуса, мечитке 3 жаштан 100 жашка чейинки адамдар келет. Мектептегидей эле, мечитте да калп сүйлөбө, уурулук-кескилик кылба деп айтылып келет. Демек, мечит менен мектеп антагонизм эмес, тескерисинче, бири-бирин толуктаган мекемелер.

“Илим болсо, диндин кереги жокпу” деген суроого жоопту Курандын аятынан баштайын. Анда “Жараткандан чыныгы коркуп, буйругун аткаргандар – илимдүүлөр” деп айтылган. Ошондуктан мектептер жана башка окуу жайлар ачылган сайын мечиттер көбөйө берет. Буга эч кандай күмөн жок. Мектепте чыныгы илимди алып, тарбияланып чыккан бала сөзсүз ыймандуу болот. Ал алдабайт, уурдабайт, бүгүн белчебизден баткан паракорлукка барбайт.

# Виртуалдык махабат бат күйгөн оттой

**Атактуу Эйнштейндин «Техниканын жетишкендиги жаңы муунду келесоо кылып салабы деп корком» деген чочулоосун бүгүнкү жашоо чындыгы далилдеп жаткандай. Анткени азыркы доордо бешиктен бели жаңы чыккандардан тарта улгайгандарга дейре интернеттин кулуна айланууда**

РАХАТ АКМАТОВА



Инсан адамдык сапаты, билими, акылы, социалдык дөөлөт-даражасы менен эмес, көтөргөн телефону, колдонгон социалдык түйүнү жана түшкөн сүрөтү менен бааланып калгандай. Арийне, баарын эле интернетке шылтай берүү орунсуз, анткени анын зор мүмкүнчүлүктөрү менен ишибиз илгерилеп, колубуз узарып жатканын тана албаспыз. Кеп интернетти туура колдоно албай жаткан өзүбүздө болуп жүрбөсүн?

Азгырмасы боюнча шарапты артка таштап, жан бүткөндүн баарын огуна тартып, күнүмдүк жашообуздун ажырагыс бөлүгүнө айланып бараткан интернет ансыз да кыска өмүрдүн көп бөлүгүн соруп, тирүүлүктүн белгиси болгон жандуу мамилени бара-бара муздатып баратат окшойт. Китепканага барып китеп окуу, театрдан спектакль көрүү, классикалык музыка угуу менен жан дүйнөгө азык алуу солгундады. Жанындагы апасын, ыйлап жаткан баласын, сырдаш курдашын, кудай кошкон кошунасын унуткарып, бар билгенибиз телефон, компьютер, планшет болуп калды.

Адамзат ортосунда жандуу мамиленин суушу менен сагынуу, сүйүү сыяктуу терең сезимдер да өчүп бараткандай сыягы бар. Керээлден-кечке интернетке ынак болуу ден соолукка залакасын тийгизип, адамды ачуулуу, ал тургай, кара өзгөй кылып жиберерин дарыгерлер какшап айтууда. Айланабыздагыларга түшүнүү менен аяр мамиле жасап, мээримибизди чача албай жатышыбыз, сергек ой жүгүртө албай калганыбыз, ден соолугубуздун бузулушу күнүмдүк турмушта даана байкалып турган жокпу?

Дагы бир коркунучтуу жагдай – бүгүнкү муундун табигый сезим менен виртуалдык мамилени таштырып алганы. Улуу муундагы эркек менен кыз адегенде бири-бирине назары түшүп, анан айласын таап таанышып, бульварда кыялдана сейилдешип, саргая күтүп кат жазышып, бири-бирине аяр мамиле жасашып, ортодогу убада-шертти бекем сакташаар эле. Ал кездегидей романтикага, тазалыкка жана аруулукка бөлөнгөн сезимдер азыр барбы? Азыркы муун махабат сезиминин баркына жетип жатабы? Менимче, турмуштун бороон-чапкынына туруштук берген сүйүү азыр өтө эле сейрек. Азыр аппак таза сүйүүнүн ордуна бири-бирине жасалма жалган үмүт берип, бири-бирин жоготуп алуудан, көңүлүн ооруткандан коркушпайт. Көпчүлүк улан-кыз жүрөгүнүн ээсин бир гана социалдык тармактардан гана тапчудай болуп, интернетти казып отурганы отурган. Алыстан туруп таанышкандын жан дүйнөсүн кой, жанында жүргөн адамдын ичин изилдеп аягына чыга албайсың.

Интернетти бири жакшы ой менен колдонсо, бири бузук ойлорун ишке ашыруу үчүн колдонот. Өзүн болушунча жакшы көрсөтүп, керемет сөздөр менен арбап, баарлашып жатканын адамын оңой эле алдап, тузакка түшүрүп коёт. Эң мыкты сүрөттөрүн интернетке жүктөп, жалаң гана жакшы жактан көрсөтүү аракети күчөөдө. Ошол эле интернеттен мыкты ыр саптарын, терең ойлорду таап чыгуу опоңой, аларды өзүнүкү кылып жазып, алыстан туруп имергендер толтура. Ооба, ар ким денеси, акылы жагынан төгөрөгү төп болгонго умтулат дечи. Бирок эч ким, эч качан идеалдуу боло албайт, ар кимге ар башка сапаттар берилген.

Арийне, социалдык баракча адамдын бейнесинен бир топ кабар берет. Бирок жүзмө-жүз отуруп, бири-бирин билишкенге эч нерсе жетпесе керек. Айрымдар интернеттен табышып, нике буюруп, түтүн булатып кетишет. Бирок көпчүлүгүнүн жолу болбойт. Бири-бирин башкача элестетип келип, жакындаша келгенде көңүл калат, сезими муздап, виртуалдык махабат бир паста жалп өчкөндөй болот. Кыскасы, ар бир инсан ыйык сезимге жоопкер мамиле жасап, өзүнүн да, башканын да сезимине кыянаттык кылбаса, чыныгы сүйүүнүн кадырын кетирбесе деген кеп. Күнүмдүк турмушубузга сиңген интернетти колдонбой кайда барабыз? Бирок жүрөктү тыңшай жүргөндү унутпайлычы.

## Назгүл Турдубекова: “Балдар буюм сыяктуу ташталып, колдонулууда”

**Өлкөдөгү интернаттарга мамлекеттен көп акча которулуп жаткандыктан, директорлор жетим балдарды колунан чыгаргылары келбейт. Кыргызстанда багаар-көрөөрү жок балдарга ылайыкташкан интернаттардагы өспүрүмдөрдүн 96%ы ата-энеси бар балдар. Бул көйгөй тууралуу Балдар укугун коргоо лигасынын жетекчиси Назгүл Турдубекова айтып берди**

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

Жетим балдар үйүнө аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жана жалгыз бой энелердин балдары келишет. Мындан сырткары аракечтердин, наркомандардын, ата-энеси тарабынан зордук-зомбулукка учураган жана тоголок жетимдер бар. Кээ бир ата-энелер өздөрү ата-энелик милдетинен баш тартып, сотко арыз жазып, өз балдарын жетимдер үйүнө таштап кетип жатышат.


Жарым-жартылай жетимдерди аныктоо кыйын. Балдар жөнүндө жаңы түзүлгөн кодекске ылайык жетим балдар үйүнө жана интернаттарга сот аркылуу гана жайгаштырууга болот. Бул талаптын негизинде интернаттарга ташталган балдардын саны азайды. Өлкө боюнча 11 миңден ашуун жетим бала мамлекеттик жана мамлекеттик эмес балдар үйүндө тарбияланып жатышат. Бала төрөлгөндөн тартып ата-энесинин маңдайында, үй-бүлөдө чоңоюуга укуктуу. Анын ата-энеси балдарына татыктуу тарбия берип чоңойтууга милдеттүү. Эгерде кандайдыр бир себептерден улам ата-энеси жок болсо же алар тарабынан камкордукка алынбаса, өкмөт кароосуз калган балдарды коргоо милдетин алат.

Ар бир жетим баланы интернатта бакканга ай сайын 12 миң сомго чейин акча бөлүнөт. Бирок анын 30%ы гана баланын тамагына, кийим-кечегине кетсе, калганы интернаттын чыгымдарына жумшалат. Эгерде көп балалуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө интернатка бөлүнгөн каражаттын кайсы бир бөлүгү төлөнүп берилсе, ташталган балдардын саны азаят эле. Бүгүнкү күндө жакыр үй-бүлөнүн балдарына 500 сомдон жөлөкпул берилип жатат. Ошол себептен жалгыз бой энелер балдарын интернатка таштоого мажбур болууда. Бул өкмөттүн туура эмес саясаты. Ата-энесинен алыс, жетимканада чоңойгон балдардын таалим-тарбиясы, мүнөзү, психикасы толук болбой калат.

Бизде миграциялык агымдын күч алышы ушул маселелерди жаратып жатат. Жумушсуздук көп болгондуктан, жарандардын көбү жумуш издеп, сыртка кетүүдө. Алар балдарын интернатка, балдар үйүнө таштап кетишет. Эгерде балдар жакын туугандарынын колунда калса, багып жаткан туугандары социалдык коргоо башкармалыгына барып, балдарды убактылуу карооого алганы тууралуу маалымат бериш керек. Бүгүнкү күндө балдарды буюм сыяктуу таштап, буюм сыяктуу колдонуп жатышат.

Социалдык, экономикалык кыйын акыбалда жашаган Молдовада жарандары интернаттагы жетим балдарды багып алышты. Европа бириккен уюму Кыргызстанга 30 миллион евро грант берели деп сунушташкан. Анын ичинен 8 миллион еврону социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, жетим балдары кайрадан ата-энелерине кайтарып берүүгө жана бала багып алуучу үй-бүлөлөрдү колдоого жумшоону сунушташкан. Эгер биздин мамлекет ушул милдетти аткара алса, быйыл 1,5 миллион евро алмак. Бирок бул ишке ашкан жок, себеби коррупциялык көрүнүш бизде кеңири жайылган. Өлкөдөгү интернаттарга мамлекеттен көп акча которулуп, директорлор жетим балдарды колунан чыгаргылары келбейт. Кыргыз элинин келечеги үчүн жетим балдарды үй-бүлөлөрдө өстүрүүгө колдон келишинче аракет кылышыбыз керек.

Ташталгандардын 60–70%ы кыргыздар, 20%ы орус балдар. Аймактар боюнча так маалымат жок. 1990-жылдардын башында кыргыз балдар аз болчу. Мурда балдарын таштап кетүү же балдар үйүнө өткөрүү уят иш эле. Азыр болсо, балдарын лицейге же гимназияга өткөргөндөй эле өткөрүп жатышат.



# “Алтын стандарт”

Бул макалада алтын стандартына негизделген, эң белгилүү, азыркы учурда көп талкууланган акча системасынын тарыхый өнүгүүсүнүн генезиси, учурдагы абалы жана перспективалары берилген




## Алтын стандарт жана алтын динар



МУРАТ КОЙЛУБАЕВ
**Каржы боюнча серепчи**

Алтын стандартын, же болбосо, алтын валюталык стандарттын дүйнөлүк валюталык системасында кайра жүгүртүү маселеси боюнча илимий талкуу болуп келген, болуп жатат жана да боло бермекчи. Алтын стандартына байланыштуу мындай темаларды батыш экономисттери көтөрүп чыгышкан. Алардын катарында Адам Смит, Карл Маркс, Ж.М.Кейнс, Т.Грешем, Л.фон Мизес, Р.Харрод, Е.Домар, Э.Хансен жана башка экономисттер болушкан. Ошондой эле чыгыштын экономисттери да 1990-жылдары универсалдуу мусулман акчасы – “алтын динарды” түзүү идеясын айтышкан. Бул жерде “алтын динарын” колдогондор “алтын стандартты” киргизем дегендерден алысырак узашкан. Алтын динар: алтын динар-күмүш дирхам-кагаз фулус – үчтүк чынжырына кирет, б.а. майда акча бирдиги катары дирхам менен фулус колдонулат. Бизге белгилүү болгондой, бул идеяга ошол кездерде Малазиянын Финансы министри жана премьер-министрдин ордун ээлеп турган Махатхир Мохамад абдан кызыккан эле. Так ушул адам исламдын алтын динары тууралуу идеясын ислам дүйнөсүндө АКШ долларына альтернатива катары чыгаруу боюнча Умар Ибрахим Вадильо жана Абд ал-Кадир ас-Суфи козгогон ойду андан ары улантып, кеңейтип колдогон. Ислам дүйнөсүндө айтылган бул кыймыл “Мурабитун” деген аталышка ээ болгон. Бирок 2003-жылы бир катар мусулман өлкөлөрүнүн эсептик бирдиги болгон “алтын динар” долбоору тык токтоп калган.

Өз кезегинде Кыргызстанда бул тема талкууланып, “алтын сомду” киргизүү боюнча бир жолу сунуш болгон. Бул сунуштун кыскача тезисинде алтын сомду киргизүү менен жеке бир өлкөдө экономикалык кереметтин ишке ашышынын 10 себеби айтылган. Мында автор, же интернет булагы тарабынан эпиграф катары алынган М.Кейнстин сөзү орунсуз пайдаланылган. Анда мындай деп айтылган: “Экономисттердин идеялары алар туура болгон учурда да, жаңылган учурда да биз ойлогондон дагы чоң мааниге ээ. Чындыгында алар гана дүйнөнү башкарышат”. Так ушул Ж.М.Кейнз “алтын стандартынын” айыгышкан душманы болгон. Ал муну “жапайычылыктын саркындысы“ деп атаган.

Бул макаланын максаты – “алтын стандартын” дүйнөнүн валюталык системасы катары бутуна турушун, өнүгүшүн туура түшүндүрүүгө аракет кылуу. Бул жагынан алганда, макала алтын стандартын актап чыгуу же башка акчаны жок кылуу эмес, болгону алтын стандартынын доорундагы акча феноменин, ошондой эле бул феномендин келечектеги перспективасы барбы дегенди изилдөөгө аракет кылуу.

Анализ батыш экономисттеринин фундаменталдык эмгектеринин негизинде жүргүзүлөт. Бул чыгыш аалымдарынын ар-намысына шек келтирбейт. Алар дагы бул теманын өнүгүшүнө эбегейсиз салым кошушкан. Бирок жакынкы тарыхта дүйнөнүн валюталык системасынын механизмдерин батыштын экономикалык ой жүгүртүүсү аныктап келет.

Маселени башынан алсак, валюталык система өз алдынча өлкөлөрдүн экономикасын бир дүйнөлүк чарбага бириктирген механизм. Валюталык системанын негизги максаты эл аралык экономикалык мамилелерге ыңгайлуу шарттарды түзүү болуп саналат. Валюталык системанын иштөөсүндөгү кандай болбосун тартип бузуулар экономиканын өнүгүшүндө олуттуу көйгөйлөрдү жаратат.

## Дүйнөлүк валюталык системанын этаптары

Дүйнөлүк валюталык система өзүнүн өнүгүшүндө бир нече тарыхый этаптарды басып өттү. Түшүнүүгө жеңил болуш үчүн валюталык системанын өнүгүү этаптары, стандарттары жана андагы валюталык режимдердин аракетин таблица формасында сундук.

| Этаптар | Валюталык система | Стандарт | Валюталык режим |
|---|---|---|---|
| 1867-1922-жж. | Париж системасы | Алтын монеталуу | Курсунун кызматы алтын паритетинин (тең салмактуулугунун) негизинде |
| 1922-1944-жж. | Генуя системасы | Алтын куйма | Курсунун кызматы алтын паритетинин негизинде |
| 1944-1978-жж. | Бреттон-Вуд системасы | Алтын валюталуу | Курсунун кызматы валюталык паритеттердин негизинде |
| 1978-ж.б.к.ч | Ямай системасы | Акча-валюталык | Валюталык режимдин эркин тандоосу |

“Алтын стандартынын” дүркүрөп өнүккөн “алтын кылымы” тууралуу уламышын башынан ашкерелеш керек.

Ошентип, дүйнөнүн валюталык системасы өзүнүн өнүгүүсүндө төрт этапты басып өттү. Бул этаптар аталган жолдун эволюциясын көрсөтүп турат. Чынында жаңы валюталык механизмдер системасын кабыл алуунун ар этабында саясий-экономикалык же биржалык, банктык, валюталык жана карыздык кризистер түрткү болушкан. Бирок алтын стандартына кайтууну каалаган бир катар окумуштуулар жана тажрыйбалуу адистер азыркы учурдагы глобалдуу финансылык кризистин себеби – дүйнөлүк валюталык системанын 1976-1978-жылдары 1944-жылы Бреттон-Вудда бекитилген алтын валюталык стандарттан баш тартуудан улам деп эсептешет. Акыл калчабаган адамга бул ой туура көрүнүшү мүмкүн. “Алтын стандартынын” өнүккөн “алтын кылымы” тууралуу уламышын башынан ашкерелеш керек.

## Алтын стандарт кризистен куткара албайт

Дүйнөлүк экономика жалпылаганда алтын стандарты учурунун 78 пайызында, алтын стандарты жокко чыгарылган убактын 22%да рецессияда болгон. Башкача айтканда, алтын стандартынын эч качан алтын кылымы болгон эмес. Албетте, кризистердин жыштыгын да эске алуу керек. Дүйнөлүк экономиканы же өзүнчө өлкөлөрдүн экономикасын титиреткен бардык эң масштабдуу финансылык кризистердин анализи алардын санынын 1978-жылы Ямай валюталык системасына өткөндөн кийин көбөйгөнүн көрсөттү. Бирок кайсы экономист болбосун, рецессиялардын тез-тез кайталангандыгы эмес, алардын канчалык даражада терең болгондугу маанилүүрөөк деп айтат. Белгилүү болгондой эң эле узакка созулган экономикалык кризистер “алтын стандартынын” учурунда байкалган.

Узак депрессия (англ. Long Depression) деп аталган дүйнөлүк экономикалык кризиси АКШда жарандык согуш бүткөндөн кийин Экинчи өндүрүштүк төңкөрүштүн натыйжасында ыкчам экономикалык өсүү убагына туш келген Европа менен АКШга катуу сокку урган. 1930-жылдардагы депрессияга чейин Узак депрессия “Улуу депрессия жылдары” деп аталып келген. Жалпы дефляция менен экономикалык өсүштүн жайлашы 1873-жылкы кризисте башталса да ал өзүнүн кесепети боюнча “экономикадагы регресс жана катаал кризиси” жагынан кийинки Улуу депрессияга салыштыргыс.


1929-жылы башталган Улуу депрессия – дүйнөлүк экономикалык кризиси 1939-жылга чейин созулган. Анын эң катаал маалы 1929-1933-жылдарга туш келген. Ошондуктан 30-жылдар жалпы жонунан “Улуу депрессия жылдары” деп эсептелинет. Улуу депрессия өзгөчө АКШга, Канадага, Улуу Британияга, Германияга жана Францияда катуу сезилген. Бирок башка өлкөлөрдө да мунун таасири байкалган. Өндүрүштүк шаарлар көбүрөөк жабыркаган, бир катар өлкөлөрдө курулуш дээрлик токтоп калган. Сатып алуу мүмкүндүгү төмөндөгөндүктөн айыл-чарба өндүрүмдөрүнүн баасы 40-60 пайызга түшүп калган.

Ошентип, алтынды жан дилинен жакшы көргөн адамдар, рецессияларды дагы жан дилинен жакшы көрүшү керек.

***Уландысы кийинки сандарда***

# Көз оорусу

Адам баласынын жашоосунда көрүү органы эң негизги ролду ойнойт. Алберт Эйнштейн "Көрүү жана түшүнүү бактысы табигаттын берген белеги" деп бекеринен айтпаса керек. Дене түзүлүшүндөгү органдардын ичинен көздөн ажыроо жашоо, тиричилик, жандуу табигаттан ажыроо дегенге барабар




ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

## Көз ооруларынын негизги түрлөрү

### Глаукома

– Бул көздүн кан басымынын көтөрүлүшү. Ал эң коркунучтуу оорулардын бири. Глаукомада көздүн тамыры соолуп баштайт. Тукум куучу оору болуп эсептелинет. Эгер эне глаукома менен жабыр тартса, анда оорунун балага да өтүп кетүү коркунучу бар. Глаукома менен ооругандар алгач көздүн кан басымын текшерип, дарыгердин көзөмөлүнөн өткөн соң, тимолол, фотило, пилокарпин ж.б. дарыларды ичип турушу керек. Ар бир адам 35 жаштан баштап көз дарыгерине кайрылып, көздүн кан басымын текшертип турууcу зарыл.

### Катаракт

Жаш өткөн сайын организмде болгон өзгөрүүлөрдөн улам же жаракат алганда, зат алмашуу бузулганда, кант диабетинин натыйжасында, айрым тукум куучу ооруларда катаракт оорусу пайда болот. Бул оору башталганда көз тумандап, тунарып, жакынды, алысты көрбөй калат. Катаракттын бир нече түрлөрү болот. Тубаса, өтүшүп кеткен, карыган кезде пайда болгон катаракт. Мурда катаракттан алтымыш жаштан кийинки улгайган адамдар жабыр тартышса, азыр жаштарда да кеңири тарап, катаракт жашарып баратат.

### Миопия жана гиперметропия оорулары


Алысты начар көрүү "миопия" деп аталса, жакынды начар көрүү "гиперметропия" деп аталат. Мындай учурда дарыгерлер медициналык текшерүүдөн өтүп, көз айнек тагынууну талап кылышат.

## Көз ооруларынын пайда болуу себептери

Учурда айлана-чөйрөнүн таза эместиги, туура эмес тамактануу, компьютерде көп иштөө, телевизорду жакындан көрүү, китепти көп окуу жогоруда айтылган ооруларга чалдыктырышы мүмкүн. Анткени компьютер көздү талытат, чарчатат, бара-бара начар көрүүгө алып келет. Бир гана көзгө эмес, мээни кургатып, адамдын энергиясын алып, алсыз кылат. Компьютерден көздүн чел кабыгы жабыр тартып, көрүү начарлай баштайт. Медицинада аны "компьтердик коньюнктивит" деп аташат. Көздүн булчуңдары талганда, көзгө күч келгенде бул оорулар пайда болот. Ошондуктан биринчиден компьютерден сактоочу көз айнек тагынуу керек. Ошондой эле химикаттар менен иштегендер, эл ташуучу унааларды айдаган айдоочулар мындай ооруларга көп чалдыгышат. Бул учурда көз дарыгерге кайрылып, көзгө тамызa турган дарыларды пайдаланып туруу шарт. Компьютерде олтурган же китеп окуган адам "Сицтеин" дарысын тамызып турса, көздүн чарчоосун жоготуп, жакшы натыйжа берет. Бир күндө үч жолудан тамызып турса болот. Бирок дарыгерлердин көзөмөлүндө болуп турбаса, тынымы жок дары тамызган көз өмүр бою дарыга көз каранды болуп калышы мүмкүн.

## Көзгө көнүгүүлөрдү жасап туруу жакшы

Ар бир адам жумуштан үйүнө барганда көзгө көнүгүүлөрдү жасап, көздүн чарчоосун таратыш керек. Бармак менен көздүн үстүн акырын басып, ылдый-өйдө кыймылдарды жасап, көздү саattын жебеси менен тегеретип турса, көзгө массаж болот (сүрөттү кара). Ушул эрежени үч-төрт ирет кайталап туруу керек.



## Туура тамактануу зарыл

Тамак-аштагы витаминдердин кырк пайызы эттен, алтымыш пайызы жер-жемиш, таттуулардан алынат. Көздүн жакшы көрүшү үчүн организмде А витамини кем болбошу керек. А витамини сабиз, көк алма, өрүк, дарбыз, банан, ашкабак, жүгөрүдө бар. Бул азыктарды күнүнө бирден жеп туруу зарыл. Учурда көзгө пайдалуу көп витаминдер бар. Мисалы, Дуовит, Пиковит, Алфавит, Асевит ж.б. Ал эми үй шартында буурчакты, буудайды, жер-жемиштерди көп колдонуу керек. Өзгөчө сабиздин курамында каротин көп. Көз ооруган кезде же операциядан кийин диета кармоо зарыл. Курамында крахмал бар азыктарды, таттуу жана майлуу, туздуу тамактардан алыс болуу керек. Дагы пайдалуу деп эсептелген азыктар – булар балык, жашылча-жемиштер.

## Көздү кантип сактоо керек?

Жарык кылуу чоң мааниге ээ. Үйдүн ичине күндүн жарыгы жакшы түшүү үчүн терезенин айнеги таза болуп, ачык түстөгү парда тагуу сунуш кылынат. Жасалма жарык кылуу үчүн түрдүү лампалар пайдаланылат. Лампанын жарыгы сол жактан келгендей орнотулат. Караңгыда, жүрүп бараткан транспортто, басып баратып окуган өтө зыян. Көзгө күч келтирип иштегендер 30—40 минута сайын 10 минутадай көздү эс алдыруу керек. Телекөрсөтүүлөрдү көргөндө экрандан 2,5 м алыс отуруп, бөлмөнү бир аз жарык кылуу талапка ылайык. Боёк түстөрүнүн контрасттарын туура пайдалануу жакшы, бул оң эмоциялык сезимдерди калыптайт. Көз чарчаганда жумуш өндүрүмдүүлүгү төмөндөп, көздү ар кыл ооруларга чалдыктырат. Көз тубаса начар болсо, аны өз убагында, көз айнек менен коррекциялоо зарыл. Адам өзүнүн бүткүл өмүрүн чөйрө менен байланышта өткөрөт. Организм менен чөйрөнү байланыштыруууда көптөгөн сезгич органдардын арасынан көз биринчи орунда турат. Жарыкка байланышкан мейкиндиктеги кубулуштар, боёк түстөрү жана башкалар адамга абдан чоң канааттандырарлык сезим жаратат. Ошондуктан көздү сактоого ар бир киши аракет жасашы керек.

# Айзада Марат: **“Сизге Гарвард эмес сиз Гарвардга керексиз”**

15-июлда Ж.Баласагын атындагы КМУнун алдындагы Юридикалык институтта Марат кызы Айзада менен жолугушуу болду. Катышкандардын көпчүлүгү АКШдагы университеттерге окуу, TOEFL, GMAT программаларын ийгиликтүү тапшыруу, мотивациялык каттын жазылышы жана жумуш табуу маселелери боюнча суроолорун беришти. Эгерде сиз анын семинарына катыша албай калсаңыз, анда бул конспект-макаланы сунуштайбыз


Сүрөт kloop.kg

LIMON.KG

Бир жыл мурун Гарвард университетинин бүтүрүүчүлөрүнө жолугуп, алардын көздөрүндөгү отту көрүп, ишенимдүүлүк менен максатка умтулууну тулку боюма сиңирип алгансыдым. Гүлнара Каликова, Чолпонбек Жумашукуров, Мурат Садыков жана ал кезде окууга жаңы эле тапшырган Айзада Маратовалар мага кандай гана максат болбосун, тынымсыз мээнет менен ага жетсе болоруна ишендиришти. Бир жылдан соң, мен кайрадан Айзада Маратовага жолуктум. Узун көк юбка кийген татынакай кыз лекция-семинарды жылмайып, бере турган маалыматын пайдалуу болот деген ишенимде баштады.

### Мыкты жетишкендиктин маанилүүлүгү тууралуу

Айзада академиялык баалар Гарвардга гана эмес, башка окуу жайларга тапшырганда да маанилүү экендигин кайра-кайра белгилеп кетти. Кыргызстандагы билим берүүнүн баалоо системасы, кабыл алуу комиссиясы таптакыр түшүнүксүз. Бул маселеде Юридикалык институт методу прогрессивдүү. Мага GPAга 5.0 балл беришти (АКШнын жана башка өлкөлөрдөгү орточо балл). Кийин болсо GPAдагы баллым 4.0дү түздү. Мага кат жазышып, мени студенттердин рейтингиндеги жетишкендердин эң алдыңкысы деп кабарлашты. Эгерде сиз мыкты ЖОЖдо окугуңуз келсе, сиздин жетишүүңүз 3.7 балл болуусу керек. Колдон келсе, андан да жогору болсо, жакшы болот.



Окуу учурундагы жетишкендиктер тууралуу Айзада мындай деди: “Гарвардда окуу деген сөздүн өзү интеллектуалдык чакырык дегенди билдирет. Дароо эле жакшы окуп кетүү кыйын. Күнүнө бир эле предмет боюнча 60тан 200 баракка чейин тапшырма берилет. Бирок бул маселеде магистратурадагы студенттерге жеңил болду. Андерграддар (бакалавриаттын студенттери) китепканалардан чыкпай күнү-түнү окушуп, баалардын үстүндө иштешсе, бизде баалоонун системасы таптакыр башкача болчу. Мындай система студенттердин окууга көбүрөөк көңүл бурулары, билим гана албастан университет түзүп берген бардык ресурстарды толук пайдаланыш үчүн үчүн атайын киргизилген. Магистратурадагы ар бир студент мындай баскычтан өтөт”.

### Мыкты жазылган эсселердин жана резюмелердин сыры эмнеде?

“Резюмеде иш тажрыйба, маанилүү жетишкендиктер, жарыялоолор бар болсо, аны толук көрсөтүш керек. Америкада жана Европада бир нерсени жарыялоо өтө кыйынга турат. Эгерде сиздин макалаңыз жарыяланса, анда силердин идеяңар эң сонун. Муну пайдалангыла.

Эссе – резюмеге батпай калган нерсени көрсөтүүгө жакшы мүмкүнчүлүк жана ал сиз үчүн да маанилүү. Мен калкынын саны 2000 кишиден турган кичинекей айылдык кыздын өз күч-аракети менен бардык тоскоолдуктарды жеңип, үй-бүлөсүнүн жана жакындарынын колдоосу менен көп ийгиликтерге жеткендиги тууралуу жазгам. Дилбаянымда Кыргызстанга сөзсүз кайтып келип, биздин өлкөдөгү проблемалар менен иштөөнү чечтим.

Резюме, эссени түзүүдө сизге ЖОЖ эмес, сиз ЖОЖго керек болгондой кылып жазышыңыз керек. Сиз аларга алардын университетинин диплому жок эле ийгиликке жетериңизди түшүндүрүп коюңуз. Университетке сиздин келечектеги резюмеңиз престиждүү болорун кыйытып коюңуз.

### TOEFL жөнүндө

Мен FLEX программасынын бүтүрүүчүсү болгондуктан, англис тилинде жогорку деңгээлде сүйлөйм. TOEFLдун тестине даярданган эмесмин. Бир гана нерсе, тапшырганга чейин бир канча күн мурун Noteful TOEFL курсун окуп чыгууну сунуштайм. Аны youtubeдан тапсаңар болот.

Тестти мен бир гана жолу тапшырып, 109 балл алдым (өтүүчү балл – 100)

Башка тесттерди мен тапшырган жокмун. Ал мектепке байланыштуу болот. Мисалы, бизнес-мектепке тапшырыш үчүн сөзсүз түрдө GMATтан эң жогорку балл алыш керек. Гарварддын Юридика мектебине тапшырганда тесттин ордуна юридикалык макала жаздырышат.

### Финансы жөнүндө

Гарвард жана ага окшогон ЖОЖдордун бир кемчилиги бар. Бул – чоң төлөмдөр. Тилекке каршы, мындай ЖОЖдордо акчаны азайтууга болбойт. Ошондуктан андан үмүттөнбөй эле койсо болот.

Менин акча каражаты боюнча өзүнчө окуям бар. Системалык ката болуп, менин арызым кабыл алуу комиссиясына убагында жетпей калган. Бул учурда баарынан жакшысы комиссияны ынандыруу керек. Алар менен кат жазышканда “Мага ишениңиздер, мени кабыл алганыңыздарга өкүнбөйсүздөр. Эгер менин акчамды азайтпасаңыздар, резюмемде Оксфорд болот дедим. Менин ушул кайрылуум аларга таасир берип, гранттык система жабылгандан кийин мен төлөй турган акча 30 000 долларга азайтылды.

Азайтуудан жана краутфандинг аркылуу чогулган акчадан сырткары 22 000 доллар кредит алдым. Аны өз убагында төлөшүм керек. Жумушту Лондондогу Оңдоо жана өнүктүрүү банкынан таптым. Азыр да ошол жерде иштеп жатам.

### Жумуш издөө аракетинде

Семинарга катышуучулардын бирөө “Гарвардга тапшырыш кыйынбы же окуш кыйынбы? деп суроо берсе, Айзада “Баарынан жумуш табуу кыйын” деп жооп берди. Баары күлүп жиберишсе, Гарварддын диплому болсо эле жолдордун, эшиктердин баары ачык деп түшүнбөш керек. Жумуш тапканга эч ким жардам бербейт. Бул жоопкерчилик толугу менен өзүңүзгө жүктөлөт. Менин көптөгөн курсташтарым аларга жардам берет деп ишенип жүрүшүп, эмдигиче чейин жумуш таба албай жүрүшөт.

АКШда жумуш табуу өтө кыйын. Атаандаштык күчтүү болгондуктан, сенден эч нерсеси калышпаган эки жүздөй амбициялуу, акылдуу балдар желкеңден шыкаалап турушат. Эгерде сен күнүнө 16 саат иштей албасаң, сени башка бирөөгө алмаштырып коюшат. Мындай нерсе бардык жерде бар.

Мен күн сайын мекемелердин жетекчилерине ондогон каттарды жазып турчумун. Көп учурда миңдеген резюмелердин ичинен жүзүн гана ачып, окушу мүмкүн. Бул учурда нетворк жардам берет. Жакшы жерлерде иштеген Гарвардды бүтүргөндөрдүн ассоциациясынын өзгөчө пайдасы тиет. Америкада сунуштамалар чоң мааниге ээ.

### Гарварддагы адамдар тууралуу

Гарвардга биз акчаны билим үчүн төлөбөйбүз. Бир жылда көп билим ала албайсың. Гарвардга акчаны биз бүткүл дүйнөдөн таланттуу, акылдуу, жаркын пикирдеги балдарды чогулткандыгы үчүн төлөйбүз.

Албетте, мындай адамдарды Европанын, Япониянын ж.б. университеттеринен жолуктурса болот. Бирок ал жерлерде максатына умтулган супер амбициялуу адамдардын чогулганын азыраак көрөсүң. Гарварддын сыймыктана турган эч нерсеси жок деп ойлойм. Эгерде ал билими жок төмөнкү катмардагы балдарды окутуп-чокутуп адам кылса бир жөн. Бул ЖОЖ даяр материалдарды кабыл алып, бир аз жонуп-түзөп, ага форма эле берип коюп жатпайбы.

Мен өмүрүмө жете тургандай шыктануу алдым. Менин ар дайым аракетте болгон, бир нерсеге умтулган досторум бар. Алар ийгиликтерге жетишкен. Курсташтарымдын арасында атактуу прокурорлор, соттор бар. Элестетип көрүңүз, менин бир досум Египеттин экс-президенти Хосни Мубаракты соттогон. Мындай адамдардын жанында жалкоо боло албайсың.

### Себептер жөнүндө

Көпчүлүк билгендей, мен юридика тармагында ийгиликке жетишким келет. Бирок Кыргызстанда саясатта кыздарга чыйыр салыш өтө оор. Же жакшы байланыштар болуш керек, же өтө бай үй-бүлөдөн, же болбосо, өтө акылдуу, билимдүү жана өтүмдүү болуш керек. Мен үчүнчүсүн тандайм.

Бул мамлекетке да пайдалуу. Жакшы ЖОЖдордон окуп келип, ата мекенине кайткан кыргызстандыктар канчалык көп болсо, өлкө үчүн ошончолук пайдалуу.

### Окууга тапшыруучулар үчүн кеңеш

Бир нече ЖОЖго тапшыр. Окуунун баасын арзандатуу үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүз.

Дедлайнды күтө бербей даярдыкты эрте башта.

Өзүңө ишен. Кыргызстандан болгондуктан, биздин мүмкүнчүлүктөрүбүз Индиядан миңдеп тапшырган студенттерге караганда салыштырмалуу жогору. Айзада лекциясынын соңунда ага суроолорду берип, кат жазып турууну, фейсбук аркылуу сүйлөшүп турууну сунуштады. Ал: “Мен Кудайга ишенген адаммын. Ар дайым Кудайдан бул жашоомду жөн эле жашап өтпөөнү суранам. Адам үчүн эң эле коркунучтуусу – өткөрүп жиберген мүмкүнчүлүктөрүнө өкүнүү”, – деп сөзүн бүтүрдү.

# Жакшы менен өткөргөн жарым саатың жамандын өтүп кеткен өмүрүндөй



Жүрөккө жетээрлик ойлору, ырлары менен адамдарга дем-күч берип, азыркы учурда дүбүртү күчтүү келе жаткан жаш акындардын сап башында турган Бердибек Жамгырчиев кызыктуу маек куруп берди



**– Убакыт эч нерсеге моюн бербей, катуу ылдамдыкта өтүп жатканы сизди өкүндүрбөй элеби?**

– Убакыттын эч нерсеге моюн бербей тез өтүп жатканы, бул бир чети мыйзам ченемдүү көрүнүш болсо, бир чети ойлондурбай койбойт. Себеби азыр канча адамдарыбыз убакытты туура үнөмдөй албай, бейпайда өткөрүп жүргөнүбүз жанды кейитет. Азыркы учурда адамдар иш менен эмес, сөз менен көп алек болуп жатышат. Акыркы убакта баарыбыз билгендей, убактыбыз жалаң саясат менен ширелишип, маанисиз өтүп жатат. Ал эми өзүмө келсем, биз да жаштык кылып, убакытты бош өткөргөн күндөр көп болуптур, эми маанилүү жана терең өткөргөнгө аракет кылып жатам.

**– Убактыңызды кандай өткөргөндө жеңилдеп каласыз?**

– Ооба, бул убакыт деген нерсе, жашообуздагы маанилүү бөлүктөрдүн бири. Убакытты жакшы өткөрүү, бул бактылуу болуу. Бактылуу болууну кийинкиге калтыруу мүмкүн эмес, бүгүн бактылуу болуу керек. Ошондуктан бактылуулукка жеткире турган иштер менен алек болгонубуз жакшы. Ал эми мен убактымды жакшы адамдар менен баарлашып, жакшы китеп окуп, табият койнунда эс алып өткөргөндө бактылуу болуп, жеңилдеп калам. Өзгөчө ата-энемдин жана Көлүмдүн жээгинде сейилдеп өткөргөндө жеңилдейм.

**– Жашоодо маңыздуу жана терең жашаш үчүн эмне кылуу керек?**

Жашоодо маңыздуу жана терең жашаш үчүн биринчи орунда алгач адамдык багытты туура табуу керек деп ойлойм. “Жакшы менен өткөргөн жарым саатың жамандын өтүп кеткен өмүрүндөй” деп айтылган сөз бар эмеспи. Андыктан чөйрөңдү дагы туура тандап, жашоонун маңызын алыстан издебей, өзүңдү-өзүң адам катары тарбиялоо керек. Негизи адамга эң кыйыны – күн сайын адам катары жашоосу. Ошондуктан адамдык сапаттарыбызды туура колдонуу деп билем.

**– Жашообуздун маңызы болгон адамдарыбыздын бири ата-энелерибиз. Айтсаңыз, ата-энеңиздин көңүлүн кантип аласыз жана энеңиздин мээримдүүлүгүн айта кетсеңиз.**

– Ооба, ата-эне биздин бактыбыз, жашоо маңызыбыз. Алар бар үчүн жашоо ары кызыктуу, ары маңыздуу десем да болот.Чындыгында ата-эненин мээримин сөз менен айтуу кыйын, алардын мээримин жан дилибиз менен туюп, аларга да ошондой мээрим төксөк жакшы болоор эле. Ал эми ата- энемдин көңүлүн жакшы ырлар менен, жакшы сөздөр менен алам десем болот го. Ата-энем кичине ийгилигим болсо да алкап, жетине албай кубанып турушат. Ата-энемди кубанттым, ыраазы кылдым деп айталбайм. Себеби ата-эненин карызынан түбөлүк кутула албайбыз го.

**– Сиз кээ бир адамдарды жакшы көрүп, сыйлап, урматтайсыз. Алар менен сүйлөшкөндө кадимкидей эс алып, жеңилдеп каласыз. Ошол адамдар тууралуу сөз кылсак.**

– Менин жакшы көрүүмө арзыган адамдар, булар чыгармачылыгыңды баалаган, өзүндө гана болушун каалабай, өзүнүн тажыйрбасы менен тең бөлүшүп, кеңешин айткандар жана эки жүздүүлүк деген сапаты жок адамдар. Эң негизгиси, менин жан дүйнөмө туура келгендер. Себеби жылдызың келишип, оюң оң чыкмайынча, адамдар менен тил табышуу кыйын. Кудайга шүгүр, тегерегимде жакшы санаалаш, сонун адамдар көп.

**– Жашоодо сизди эмне кубандырат да, эмне өкүндүрөт?**

– Жашоодо кубандырган да, өкүндүргөн да нерселер көп. Ошолордун эң негизгисин айтсам, мени кубандырганы бул кыргыз элибиздин кыйын күндөрдө жок болбой сакталып келе жатканы, ал эми өкүндүргөнү – кайдыгерлик менен көрө албастык. Ушул эки сапатты көптөрүбүз колдонуп жатканыбыз үчүн да өнүккөн мамлекеттердин катарына кошула албай келүүдөбүз.

**– Окурман карындаштарыңыз үчүн айта кетсеңиз, учурда жүрөгүңүздүн ээсин таптыңызбы?**

– Жашоодо өзү эки нерсени туура тандоо керек, жар жана кесип тандоо. Жүрөгүмдүн ээсин таап, кайра жоготуп алгам, көрсө, тагдырыбыз бир эмес экен да. Учурда сүткө оозумду күйгүзүп, айранды үйлөп ичип калган кезим (күлүп).

**– Эми сиздин чыгармачылыгыңызга кайрылсак. Учурда эки китептин авторусуз, ушул боюнча сөз учугун уласак.**

– Кудайга шүгүр, “Жүрөктө калган бир ысым” аттуу китебимди 2 жолу 500 нуска менен чыгардым, азыр түгөнүп калды, эми дагы бастыртам деген ниетим бар. Элге жагымдуу, алымдуу китеп болсо деп тилеп келем, буюрса жаман эмес. Китебиме киргизилген ырларымдын баары өз тагдырым, өз махабатым, өз турмушум. Айга колду созбой, өзүңдү кайра-кайра арта берсең, ошону чыгармачылык деп айтаар элем. Ыр жазуу, акындык чөйрөгө аралашуу менен эң сонун чыгармачыл досторду жана чоң эргүүлөрдү алдым.

**– “Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат” деп айтылгандай, ыр жазуу, комуз чертүүдөн башка дагы кандай өнөрлөрүңүз бар?**

– Ыр жазам, комуз чертем, ушул экөөнү эле жетишээрлик алып кетсем жетет го. Андан сырткары радиодо алып баруучу болуп, гезитке жаза коймой да өнөрүм бар.

Маектешкен ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

## АШЫНГАН МУУН

Ким экенин түшүнүп эргибеген,
Китеп менен иши жок эңгиреген.
Сөңгөк жаштар сахнага толуп кетти,
Сөздүн баркын түшүнбөй делдиреген.

Уяты жок, кийиз бет ашынган муун,
Урмат сыйын жоготуп акындардын.
Арбактарын тепсешти сөз деп өлгөн,
Абдыкадыр, Баялы, Касымдардын.

Сөлтүк ырлар саат сайын кулак жарат,
Сөз бузарлар ушинтип уяткарат.
Уйпаланып сойкунун чачтарындай,
Улуу сөздүн жүрөгү турат канап.

Султан сөздү мууздаган согумчулар,
Супсак сөздү кайталап догурчулар.
Жаш куурайдын тамырын тиштеп
алып,
Жалпак сөзгө maaраган кой ырчылар.

Улут үчүн бир болуп, тең жүргүлө,
Улуу тилдин уругун өндүргүлө.
Эки сөздү эптүүрөөк кошпогон соң,
Ээнбаш болуп элирбей жөн жүргүлө.

# 30 сотых жер үчүн коңшусун сабаган депутат

Кыргыз элинде "Кошуна менен кошуна урушат, бирок табышат" деген кеп бар эмеспи! Бирок учурдагы кошуналардын чыры Суусамыр айылынан чыгып, борбордогу маалымат каражаттарына чейин жетти. Суусамыр айылынын тургуну Шайырбек Эсеналиев өзүн жана анын үй-бүлөсүн Суусамыр айыл өкмөтүнүн депутаты инилери менен сабап кеткендигин айтып, милиция кызматкерлери жана соттук-медициналык экспертиза туура эмес тыянак чыгарып жатканына наааразы болуп, акыйкат издеп жүргөнүн айтат

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## "Аны өлтүрүп салыш керек болчу, мен болсом өлтүрүп салмакмын"

Фермер Шайырбек Эсеналиев Суусамыр айылынын депутаты Анарбек Бусурманкуловдон уртепки жегенин, ар бир алты ай сайын дарыланып турарына кейип, окуяны баштан-аяк айтып берди: "2015-жылы 31-май күнү таң эрте Суусамыр айыл өкмөтүнүн айылдык кеңешинин депутаты Анарбек Бусурманкулов мени жана менин үй-бүлөмдү ур-токмокко алды. Мен Кожомкул айылында турам. Анарбек окуя болгон күнү эки бала менен арак ичип жүргөн. Мени көргөндө унчуккан деле эмес. Жубайым экөөбүз 5 жаштагы уулумду алып, түшкү саат 11де тоодогу багыбызга барганбыз. Багыбыздын тегерек четин жыйнап атсак, Анарбек келип, колумдан сүйрөп чыгып, "Сен эмне биздин жерди айдайсың" деп баштады. Жер чатагы ага чейин деле болуп келген. Анан экөөбүз уруша кеттик. Жубайым "уят эмеспи, жашыңар деле бир топко келип калса" дегенде, "мейли" деп отуруп калдык. Анарбек 1 сааттын аралыгында кайра келди. Мен үйдө отургам, аялым сыртта үй тиричилиги менен жүргөн. Сыртка чыга калсам, жанында эки иниси бар экен. Үчөө баса калып эле мени тепкилеп киришти. Колдорунда таяктары да бар экен, башыма чаап сабай баштады. Бирөөсүндө тапанча бар экен. "Атып таштайм" деп да коркутту. Кайсыл убакта эсимди жоготконумду билбейм. Суусамырдагы мыйзамсыз жер үчүн уруш болуп атат. Тергөөчүлөр бул окуяны жөн эле эки киши мушташты кылганы турат. Бул жер боюнча мурда дагы сот болгон. Анарбектин 50 гектарга жакын жери бар. Ал жөнөкөй карапайым элдерге тийишип, малын тартып алып, тай-уйларын жетелеп кетет. Бул жөн эле көпкөндүк. Мындан мурун дагы уруш болуп келген, агы ушуга жетти. Жергиликтүү кеңештин депутаты болгондуктан, ишти облустук прокуратура карайт экен. Мени сабаган адамдарда колунда тапанча да бар болчу. Тергөөчүлөр тапанча жок, депутат жалгыз болгон деп жаап-жашырышууда. Жанындагы эки баланы дагы тааныйм. Бирөөсү таякесинин баласы – Бусурманкулов Эркин, экинчиси эжесинин баласы – Саламат Солтонкулов. Тергөөчүлөр таякты дагы жок кылышкан окшойт, таяктарды да көрсөтпөй жатышат. Алар менин аялыма көздөй тапанча менен капталдап атыптыр. Бул иш прокуратурага өткөнүнө бир ай болду. Прокуратуранын тергөөчүсү ушул күнгө чейин созуп келе жатат. Кара-Балтанын ооруканасындагы неврология бөлүмүнө кайрылсам, алар Бишкектеги невро-травматалогиялык ооруканага жөнөтүштү. Мени сабаган адамдар, мага байланышмак турсун, айылда жыргап эле арак ичип жүрүшөт. Алар Роза Акназарова менен ИИМдин министринин орун басарларына таянганын айтып, айылда мактанып жүрүшөт. Мен ооруканада жаткан кезде Анарбек Мамлекеттик каттоо кызматына барып, жерлерди ченетип жүрүптүр. Ал 30 сотых жер мамлекеттики да. Ал жерди ижарага алып иштетчүмүн. Мен ооруканадан чыга электе РИИБнин (РОВД) тергөөчүсү Эсеналиев Айбек соттук-медициналык экспертизаны "жеңил жаракат" деп чыгарып койду. Алар иш козголду деп коюшуп эле иш менен такыр тааныштырбай атышат. Анарбек мени инилери менен кошо сабагандан кийин башым чайкалып, мурдум сынган. Суусамырда туугандарым деле жок, үч балам бар, эптеп балдарды багыш үчүн мал багып жүрөм. Мен бул адамдардан акча алайын дегеним жок. Эмне үчүн алар мени сабап, "Роза Акназарова менин таажеңем" деп мактанып, басып жүрүшөт. Алар буга чейин эле мага тийишип жүрүшкөн. Анарбектин агасы "аны өлтүрүп салыш керек болчу, мен болсом өлтүрүп салмакмын" деп айтыптыр иниме.



Жабыр тарткан фермер Шайырбек Эсеналиевдин башы чайкалып, мурду сынса да, Кара-Балтадагы соттук-медициналык экспертиза жеңил жаракат деп жыйынтык чыгарган.

## "2000-жылдан бери тажаткан депутат"



Суусамыр айыл өкмөтүнүн жергиликтүү айылдык кеңешинин депутатынан жабыркаган **Шайырбек Эсеналиевдин жубайы Аида Карбалиевна** жолдошун сабаган адамдар боштондукта жүргөнүн айтып, акыйкат такыр калбай калганын мындайча баяндайт: "Эмне үчүн РИИБнын (РОВД) тергөөчүсү Айбек Эсеналиев убагында менин жолдошумду сабаган адамдарды кармабайт. Тергөөчүлөргө "кармабайсыңарбы" десең, "Ии ооба" деп коюп эле жөн эле жүрүшөт. Эгерде күйөөм жарым жыл сайын дарыланып турбаса, бат эле эс-учун жогото баштайт деди доктурлар. Анарбек Бусурманкулов "Мен ал адамдан кечирим сурагандан көрө соттолуп кеткеним жакшы" деп айтыптыр. Туугандары чоң кызматта иштегендиктен, кыйынсынып жүрүшөт, мактанып ар кимге. Булардын байлыгы жетиштүү болуп калып, өлтүрүүдөн да кайра тартпай калгандай. Булар жөн эле көр албай жатат. Канчалаган гектар жерлери бар. Мен жана менин 5 жаштагы уулум дагы бул окуядан жабыркаган. Соттук-медициналык экспертизадан көгала болгонум боюнча маалымкат алгам. Сот ишине мени жана балабызды жабырлануучу катары киргизбей жатышат. Үчөөбүздүн тең ооруканага жатып чыкканыбызды тастыктаган кагазыбыз бар. 1990-жылдардын аягында Шайырбек Суусамырга сарай салып баштаган. "Шайырбектин жерин бизге алып бер" деп, айыл өкмөткө кирип жатышат. Кышында кар калың жаагандыктан, Анарбектин жери кыштоого ылайыгы жок. Ал эми биздин жер айылга жакын болуп, кар жука түшүп, кыштоого жакшы жер. Биз келгенге чейин ал жерде эч нерсе жок болчу. Биз жерди алгандан кийин гана биздин тегерек четке ар нерсени айдап, тийишип жатышат. Алар 2000-жылдардан баштап тажатып келатат".

## "Сүйлөшкүсү келбеген тергөөчү"

Жабырлануучу тараптын наразычылыгын угуп, алардын сөзүн тастыктоо үчүн Чүй облусунун прокуратурасынын тергөөчүсү Рашид Исмаевге кайрылганыбызда: "РИИБден Шамырбек Эсеналиев аттуу жаран ур-токмокко кабылган деген иш кагаз келди. Бул иш боюнча комплекстүү комиссиялык экспертизаны кайрадан дайындадык. Экспертиза даяр болгондо гана баа беребиз. Кылмыш иши 6-июлда козголгон. Окуя болгон күнү эле милиция соттук-медициналык экспертиза жүргүзгөн. Жабырлануучу тарап биринчи чыгарылган экспертизага каршы болуп, өтүнүч кат жазгандыгынан улам комиссиялык экспертиза жүрүп жатат" деп маалымат берди.

Рашид Исмаевден депутат Анарбек Бусурманкулов тууралуу маалыматты алалы деп байланышканыбызда Анарбек Шайырбекти урганын мойнуна алганын, бирок бошобой жатканын айтты. Бизге 2-3 сааттан кийин байланышка чыгышыбызды айтты. Айтылган убакытта чалсак, телефонго такыр жооп берген жок. Бир ирет гана чалбастан, ар бир саат сайын чалып жаттык. Биз менен сүйлөшкүсү келген жокпу же жабырлануучу тарап айткандай, Анарбек Бусурманкуловду жашырып жатабы, белгисиз. Окуяны бир тараптуу чагылдыралы деген жокпуз. Алар менен байланышканга мүмкүнчүлүк болгон жок.

## "Жеңил жаракат деген экспертиза"



Жабырлануучунун иниси **Досей Эсеналиев** агасынын мурду сынса да, эки ирет тең соттук-медициналык экспертиза туура эмес чечимдерди чыгарып жатканына зээни кейийт. "Мурун сынуу бул жеңил жаракат эмес, оор эле жаракат. Кара-Балтадагы соттук-медициналык экспертиза агамдын мурду сынса да, жеңил жаракат деп жыйынтык чыгарган. Бишкектеги соттук-медициналык экспертиза да агамдын жабыркоосун "жеңил, мурду сынган жок" деген бүтүм чыгарууда. Кара-Балтадагы рентгендин сүрөтүн жоготуп жиберишиптир. Мурун сынган фактыны көзгө илбей жатышат", – дейт.

Акыйкат издеген фермердин үй-бүлөсү 2 айдан бери оорукана менен тергөөчүлөрдүн эшигин каккылап, акыйкат издөөдөн үмүттөрүн үзбөй келет.




# АКШ Кыргызстан денонсация кылган келишим жөнүндө

АКШ Мамлекеттик департаментинин басма сөз кызматынын билдирүүсүндө "Биз кыргыз өкмөтүнүн эки тараптуу кызматташуу келишимин бузуу чечиминин техникалык таасирин изилдеп жатабыз" деп айтылат. Бул жөнүндө "Азаттык" сайты жазып чыкты.

1993-жылы АКШ өкмөтү менен кыргыз өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн келишим Кыргызстанга гуманитардык, техникалык жана экономикалык жардам көрсөтүүнү бир топ жеңилдеткен база болчу. Ушундан улам кыргыз өкмөтүнүн бул чечими Кыргызстанда көмөктөшүү программаларынын жүргүзүлүүсүнө, анын ичинде экстремизм менен күрөшүүдө, экономиканы өнүктүрүп, жумуш орундарын түзүүдө, билим берүү системасын жакшыртып, өлкөдө демократиянын өнүгүүсүн колдоо жаатында кандай таасир тийгизери иликтенүүдө.

Эки тараптуу кызматташуу тууралуу 1993-жылкы келишимден бери АКШ ар кандай программалар аркылуу Кыргызстанга 2 миллиард долларлык жардам көрсөткөн.

АКШ 1991-жылы 27-декабрда биринчилерден болуп, Кыргызстандын эгемендигин тааныган

Бул келишим боюнча АКШдан келген материалдык нерселердин баары салык жана башка төлөмдөрдөн бошотулган. Жеке менчик же мамлекеттик болбосун, АКШнын программаларын аткарган бардык уюмдар дагы салык жана башка төлөмдөрдөн бошотулган. Андан сырткары Кыргызстанга келген АКШ өкмөтүнүн жараны жана аскерине дипломаттык статус ыйгарылып, биздин өлкөдө кылмыш кылса, кармалып же соттолууга мүмкүн болбой келген. Бул абзацты өзүнчө кутучага жайгаштырсак

# 3D басылмасы аркылуу көчүрүлгөн баш сөөк



Дүйнө жүзү боюнча биринчи жолу Кытай мамлекетинде баш сөөктү көчүрүү операциясы ийгиликтүү болду. Кичинекей кызга 3D басылмасы аркылуу атайын жасалган баш сөөктү көчүрүшкөн.

The Medical Daily маалымат булагы жазып чыккандай, 3 жаштагы Хань Хань бул дүйнөгө келгенден бери гидроцефалия оорусу менен жабыркачу. Бул оорунун айынан баш сөөгүндө бузулуулар болгон. Бул кичинекей кыздын өмүрү үчүн күрөшкөн кытай адистери атайын титандык тордогу имплант жасашкан. Операция 17 саттан ашыкка созулган. Операция ийгиликтүү бүткөндөн кийин Хань Хань өз алдынча дем алып, көзүн ача баштаган. Ата-энеси жана доктурлар кичинекей Хань Хань чоңойгон сайын толугу менен айыгып кетүүсүнө ишенишет.

# Рамзан Кадыров "жихадка" кеткендерди жарандыктан ажыратууну сунуштады



Чеченстандын президенти Рамзан Кадыров "ИШИМ" экстремисттерине кошулуп жаткан орусиялыктарды жарандыктан ажыратуу керектигин айтты.

Маалым болгондой, Сирия менен Ирактын аймагына барып террордук уюмга мүчө болуп жаткандардын арасында Орусия жарандары да күн санап өсүүдө. Рамзан Кадыров Чеченстандан барып "жихадчыларга" кошулгандарды кайра өлкөгө киргизбестигин айтты. Ошондой эле башка облустарды да мындай кадамга барууга чакырды.

Кадыровдун пикиринде, "ИШИМ" мусулман дүйнөсүн дүйнөлүк коомчулукка каралап көрсөтүүнү максат кылган. Ошондой эле жакында террористтердин артында АКШ жана Израиль турганын айткан болчу.


Эске салсак, жакында эле Москва мамлекеттик университетинин алдыңкы студенттеринин бири "жихадка" кетип жатып, Түркия чегинен кармалган. Бул окуя чоң резонанс жаратып, орусиялык бийлик террорго каршы күрөштү күчөтүү боюнча жар салган.



# Көп сатылган китептердин көч башында Куран китеби турат

Атайын изилдөөчүлөр аалам боюнча эң көп окулган китептердин тизмесин чыгарышты. Тизменин көч башында касиеттүү Куран китеби турса, экинчи орунда Инжил китеби турат.

Мындан кийинки орундарда авторлордун атакдаңктуусу Гарри Поттер, Дон Кихоттун китептери жана Мао Цзэнин "Канаттуу сөздөр" китеби турат.



# Өзбекстан фонограмма менен ырдаган ырчылардын лицензияларын токтотот

Өзбекстан фонограмма менен ырдаган ырчылардын лицензияларын токтотот

Өзбекстанда фонограмма менен ырдаган ырчыларга лицензия берүү токтотулат. Тактап айтканда, бир гана жандуу үн менен ырдаган артисттер гана "Узбекнаво" бирикмесинен лицензия алууга укуктуу.

Өзбекстандын ырчыларын көзөмөлдөгөн "Узбекнаво" бирикмеси мындан ары ырчыларга лицензия берүү шарттарын күчөтөт. Эми ырчылар лицензия алуу үчүн комиссиянын алдында жандуу үн менен ырдап бериши керек. Буга чейин ырчы студияда жазылган ырын диск менен алып келип угузганы жетиштүү болгон.

Аталган бирикменин өкүлүнүн билдирүүсүндө, өлкөдө ырчыларга концерт коюуга бир жылда бир жолу эле уруксат берилет. Эми комиссия концертте ырдала турган ырлардын 60% жандуу үн менен угуусу керек. Болбосо, ырчыга лицензия берилбейт.

"Узбекнаво" бирикмеси бул аракетти "Күйөрмандарды 100% алдап, фонограмма менен ырдоого жол бербөө" деп түшүндүргөн.

# Кыргыз жылкысы

*“Кыргыздын аты учкаяк,*
*Куушса учкан куш  калат.*
*Бир гана болгон айыбы,*
*Буттары ырас кыскараак.*

*Андыктан ар кыл аргындан,*
*Аз-аздан топтоп мал курган.*
*Асырап асыл тукумду,*
*Айгырын Дондон алдырган”*
деген саптар менен сыпатталган кыргыз жылкысы тууралуу маалымат.



РАХАТ АКМАТОВА

Кыргыз жылкысынын өзүнчө порода болуп белгиленгенинен бери дээрлик  жарым кылымдан ашуун убакыт өттү.  Ушул убакыттын ичинде бул тукум кыйла өсүп, өнүктү. Кыргыз жылкысы 1960–1964-жылдарда аз жерден жоголуп да кете жаздаган.  Бирок мамлекеттик  саясат өзгөрүп, жылкынын эл чарбасына көрсөткөн таасири, пайдасы эң чоң экендиги жогорку чөйрөгө байкалгандан кийин бул малды куугунтуктоо токтоп, аны өнүктүрүү, өстүрүү иштери кайрадан жолго коюлган.

### Кыргыз жылкысынын калыптанышы

Кыргыз жергесинин татаал климаттык шарттарында жылкынын бардык эле түрү өөрчүй бербеши далилденген. Себеби XX кылымдын башында акалтеке, орлов, англиялык таза кандуу тукумдагы жылкыларды бийик тоолуу шартка өстүрүп көрүү боюнча тажрыйбалык иштер жүргүзүлгөн. Бул тукумдардын айгырлары тоолуу шартка чыдабай, үйүргө жүрө албай койгон. Ошондуктан жергиликтүү шартка чыдаган, келбеттүү, кабелтең жылкынын породасын иштеп чыгуу маселеси келип чыккан. Бул маселени чечүү үчүн  дон менен англис тукумунун айгырларынынын жана кыргыз жылкысынын бээлеринин ортосунан алынган [illegible]муундагы аргындарды алышкан. Аргындардын айгырларын ушул кандагы бээлер менен үйүрлөштүрүп, алардын тукумун өстүрүп-көбөйтүү 1954-жылы кыргыз жылкысынын жаңы тукумунун  өзүнчө порода болуп бекилишине алып келген.

### Дене түзүлүшү

Кыргыз жылкысынын жаңы тукуму ар ишке ийкемдүү, тоолуу шартка жакшы өскөн мал. Чарбалык иштердеги мал кайтаруу, араба тартуу, мала тартуу, жүк ташуу жана башка майда жумуштарды аткарганга колдонулат. Бул жылкынын бардык жумушка ийкемдүүлүгү дене түзүлүшүнүн жана тоолуу шартта өстүрүлүшүнүн натыйжасында пайда болгон биологиялык касиеттердин жыйынтыгы болуп эсептелет. Бул жылкыга тиешелүү болгон  негизги мүнөздөрдүн бири анын боюнун анча бийик эмес экендиги, денесинин салыңкылыгы, мүчөсүнүн москоолугу, сөөктүлүгү, бут тарамаштарынын жакшы өнүккөндүгү деп баса белгилеп  кетүү керек. Туяктары бекем, тоолуу жерде өзүн жакшы алып жүрөт. Басыгы жакшы, курсагы  көлөмдүү, кыялы, чалкоолору аз, тай кезинде үйрөтүп баштаса көп күч жумшалбайт. Мүчөсүнүн түзүлүшү боюнча анча мүчүлүшү жок. Башы кооз, денесине төп келишип турат. Өркөчү жакшы өнүккөндүктөн, ээр жакшы токтойт да минилген жылкыда жоор көп болбойт. Бели орточо узундукта, соорусу кенен, далысынын узундугу орточо келип, анча кыйгач эмес. Бул тукумдун мүчөсүнүн бир кемтиги ушунда. Алдыңкы жана арткы бут сөөктөрү жакшы өнүккөн, шыймылчактары менен бакайлары буттарына жарашыктуу, көлөмү боюнча шайкеш, көөдөнү кенен, төшү узун, кабыргалары да узун, сүбөлөрү төшүнө жакшы байланышкан. Толорсугу көлөмдүү, анын курчап турган тарамыштары бышык. Кыргыз жылкысынын дагы бир мүчөлүк кемтиги – арткы бутунун ийри экендиги. Бирок бул кемтик тоолуу жерде жүргөн жылкы үчүн пайдалуу касиет. Кыялап чыгуу, түшүү муктаждыктарында мындай жылкылар жүрүмдүү болот.

### Типтерге бөлүнүшү

Кыргыз жылкысы бардык ишке жарай турган жылкылардын катарына кошулары жогоруда айтылып кетти. Салттуу түрдө ат катары минилет, күлүккө чабылат, жүк ташылат,  арабага чегилип, унаа катары да пайдаланылат. Мына ушундай эл чарбасынын бардык тармагына жарамдуу болушу бул тукумдун өз ара бири-биринен айырмаланып турган үч типке (негизги, ири, мингич) бөлүнгөнүнө байланыштуу.

Негизги типке кирген жылкылар бойлуу, сөөктүү келип, жакшы мингич болот. Ошондуктан классикалык оюндарга жана улуттук ат оюндарынын көк бөрү, эр эңиш, тыйын эңмей, кыз куумай сыяктуу түрлөрүнө пайдаланылат.

Мындан тышкары эт жана сүт өндүрүү үчүн да пайдаланса болот. Бул типтеги жылкылардын тирүүлөй салмагы  430–470 кг болуп, жайкы  саанда 1400–1600 литр сүт берет.

Мына ушундай типтердеги айырмачылык кыргыз жылкыларын эл чарбасында ар түрдүү иштерге кеңири пайдаланууга шарт түзөт.



## Адамга канат ат болгон

ААЛЫ ТУТКУЧЕВ

Арыбас үчүн ак жолдон,
Адамга канат ат болгон.
Ок өтпөс баатыр жигитке,
Ок жетпес күлүк чак болгон.
Баатырга күлүк жарашса,
Башына таалай, бак конгон.
Ага окшогон баатырдын,
Айылы жоодон сак болгон.
Жел менен сызып жарышса,
Жеткирген ылдам алыска.
Кулпуруп жалы шибердей,
Кулагы окшоп камышка.
Жинигип өлсө да ыраазы,
Жигитти сүрөп намыска.
Мекенин коргоп душмандан,
Мертинбей чуркап чабышта.
Керилип арыш таштаган,
Келсе эгер аң же арыкка.
Аргымак эгер чалынса,
Айланмак жигит майыпка.
Мүдүрүлгөндү мындай кой,
Туягы койбойт тайып да.
Бир изинката баспаган,
Мейли түн мейли жарыкта.
Жардамчы болгон баатырга,
Жалпы элди сактап калышка.
Себепкер кылган күлүктү,
Жараткан өзү калыс да.




Кичинекей бала апасынын жанына келип, колундагы баракты ага узатты. Апасы суу болгон колун аарчыган соң, андагы жазылгандарга үңүлө карап калды.

«Эшиктин алдындагы чөптөрдү тазалаганым үчүн – 5 сом,

Базарлык кылып, көтөрүшүп келгеним үчүн – 10 сом,

Таштандыларды төккөнүм үчүн – 5 сом,

Сабактан жакшы баа алганым үчүн – 10 сом,

Короону тазалаганым үчүн – 10 сом,

Баары биригип, 45 сом карызсыз».

Апасы үмүттөнүп турган уулуна бир карап алып, колуна калемди алды да, баракты оодарып, арт жагына минтип жазды:

Сени боюмда 9 ай көтөрдүм – акысыз,

Сыркоолоп калганыңда жаныңдан карыш жылбай, башыңда отуруп, колумдан келгенин кылдым – акысыз,

Жылдар бою түрдүү себептер менен сен үчүн көз жаш төктүм – акысыз,

Сен үчүн түн уйкумду бөлүп, канча күн уйкусуз калдым – акысыз,

Оюнчуктарыңды топтоп, жыйнадым, тамагыңды жасадым, кийимдериңди жууп, үтүктөдүм – акысыз,

Мына ушулардын баарын топтоп келгенде чыныгы сүйүүнүн баасын бере да, баалай да албайсың. Себеби ал БЕКЕР.

Уулу апасынын жазгандарын окуп бүтөөр замат көздөрүнө жаш толо түштү. Апасына карап, «Апаке, сени жакшы көрөм» деп моюнунан кучактап, жыттап-жыттап алды да, апасынын колундагы калемин алып, чоң тамгалар менен минтип жазды: «БААРЫ ТӨЛӨНДҮ».




• Душмандардын арасында чоңойсо, урушуп-талашууну

• Коркуу ичинде жашаса, коркууну

• Кызганыч ичинде жашаса, жек көрүүнү

• Колундагыны берүүнү үйрөнсө, сүйүүнү

• Күч берген колдогон чөйрөдө жашаса, ишенүүнү

• Аны мактаган чөйрөдө чоңойсо, кубаттоону

• Сүйүлсө, сүйүүнү

• Аны баалаган, кадырлаган чөйрөдө чоңойсо, максаты болгонун

• Дайым туура, жакшы мамиле көрсө, адилеттүү болууну

• Дайым достук, күлүмсүрөгөн жана түшүнүү менен караган чөйрөдө чоңойсо, дүйнөнүн сонун жер экендигин үйрөнөт.

### Балдарыңыздын сизге болгон ишенимин арттыруу үчүн

Аларга атасын айтып коркутпаңыз. Ар бир жасаган жакшы аракети үчүн атасынан жана энесинен колдоо көрөрүн айтыңыз. Алардын кубанычын жана кайгысын бирге бөлүшүңүз. Сизден суроо сураса, кагып койбостон, чын дилден жооп бериңиз.

Калп эле сөз бере бербеңиз. Сөзүңдө турган жубайлар болуп, бири-бириңизди сыйлап, балдардын көзүнчө бири-бириңизге терс мамиле кылбаңыз.

### Балдарыңыздын сизди урматтоосу жана мактоосу үчүн

Дайым ага күлүмсүрөп, болбогон эле нерсе үчүн күнөөлөбөңүз, алгач ниетинин эмне экенин баамдаңыз. Анын сезимдерине баа берип, муну сездире билиңиз. Балдардын жаңылыштыктарын шылдыңдагандай кылбаңыз.

### Сөзүңүздү угуусу үчүн

Бир нерсе буюрганда ошол иштин жасадыбы же жокпу көзөмөлдөңүз. Алардын колунан келген гана ишти бериңиз. Куру эле коркута бербеңиз. Бир туугандарын жакшы көрүүсү үчүн бирөөсүн жазалоодо, экинчисине сыйлык бербеңиз, бул душмандыкка жол ачат. Жакшы көрсөңүз да, урушсаңыз да баарына бирдей болуңуз. Балдар бири-бири менен урушуп кеткенде күнөө кимде экенин сурап, тактаган соң жазасын бериңиз.

### Балдарга адамдарды сүйдүрүү

Аларга дайым жакшы адамдар тууралуу айтып, жардамдашуу жана жакшылыктар жөнүндө көп айтыңыз.

Балдардын кызганчаак болбоосу үчүн жаш балдардын көзүнчө жашоо-турмушу жакшы болгондор жөнүндө сындап, сөз козгобоңуз. Жашоосу жана жумушу жакшы болгон бактылуу кишилердин башкаларды ойлобогон адамдар деп айтпаңыз.

### Баланын өжөр болбоосу үчүн

Алардын ар бир айтканын аткара бербеңиз. Себеби мындай учурда каалаганын ала албаганы үчүн өжөр, айтканын бербеген болуп чоңоёт. Эгер бала «болот» деп туруп алса, сиз анын каалоосун аткарып койсоңуз, кийин болор-болбос эле нерселерге деле өжөрлөнүп, жасаттыра бергенге көнүп алат.

### Баланын калп сүйлөбөөсү үчүн

Жалган сүйлөбөңүз. Ага жалган айтуунун жаман, туура эмес экендигин дайым айтыңыз. Азырынча кичине деп ойлобоңуз. Эгер бала туура эмес жасаган нерсесин айтып жатса, урушпаңыз. Себеби бала көбүнчө катуу айтпасын, урушпасын деп калп айтат.



## Оюн жана оюнчук

Канча жашта болгонуна карабастан, балаңыз менен ойногон оюндарды эстеп калыңыз. Балаңызды «жеңиле, жеңиле жеңүүнү үйрөнөт» десеңиз, жаңылышасыз. Себеби алар жеңилип калган учурларда оюнга болгон кызыгуусун жоготот.

Балага электрондук оюнчуктарды аларда жакшылап ойлонуңуз. Бузат деп ойноосуна уруксат бербесеңиз, кубанычына да, өз алдынча болуусуна да тоскоолдук кылган болосуз. Кымбат баалуу электрондук оюнчуктар көбүнчө эле ыңгайсыз, копол болот. Себеби сүйүнүч, кубанычтын ордуна көп учурда кыйынчылык, сарсанаа, убайым алып келет.

## Оюндун пайдасы



- Сезимталдыкты, акыл-эсти жана кызэркекке тиешелүү болгон аракеттерди үйрөнөт. Оюн бала үчүн убакыттын жакшы өтүүсү эле эмес, анын өсүп, көп нерсе үйрөнүүсүнө жардам берет.

- Кыймылдуу болот.

- Баланы башкарган, көзөмөлдөгөн кыял дүйнөсүн куруусуна жардамчы болот.

- Изилдөө, кызыгуу, сыйкырга окшогондордун таасири менен ойнойт.

- Тилинин чыгуусун тездетет.

- Оюн убагында дене түзүлүшүн көзөмөл алдына алат. Болгон нерселерди жана көңүлүн бир жерге топтоону үйрөнөт.

- Оюн убагында чоңдордун ролун аткаруу менен аларга тиешелүү нерселерди өздөштүрөт.

- Динамикалуу жана жандуу болот.

- Чечим чыгаруу жана ой жүгүртүүсү өнүгөт.

- Өзгөчө топ-топ болуп ойноосу жакшы.

- Оюнда сарсанаа, кайгы-капалар жок болот. Оюндун дарылоочу күчү бар.

- Оюн адамды жазалайт жана бактылуу кылат.

### Жаш бала ойногон оюндардын өзгөчөлүгү

1. Оюн белгилүү бир кезек жана убакытка баш иет.

2. Оюндун таасири жана түрдүүлүгү жаш чоңойгон сайын азаят.

3. Баланын чоңойгон сайын көңүл буруусу да өнүгөт.

4. Бала каалаган убакта, каалагандай, каалаган нерсеси менен ойной алат.

5. Бала чоңойгон сайын токтолуп, татаалыраак, акыл колдоно турган оюнчуктарга маани бере баштайт.

### Жашка жараша ойнолгон оюндардын түрлөрү

**0-2 жаш.** Жаш балдар бул убакта өз алдынча ойноп, чөйрөдөгүлөр менен көп деле байланыш түзө албайт. Түстүү нерселерге жана көңүлдүү оюндарга кызыгат.

**3 жаш.** Бийик жерлерге чыгууга кызыгып, аракет кылат. Жаңы оюндарды ойлоп таап, ошолорду ойнойт. Көбүнчө үй-бүлө, доктур, сатуучулукка окшогон оюндар менен алек болушат.

**4 жаш.** Сүрөт тартып, кыркып, жабыштырып ойноп, ошол жасаган нерселеринен ырахат алып, башкаларга көрсөтүп, мактангысы келет. Музыка угууну, бийлегенди абдан жактырат. Өзгөчө ритмикалык музыкаларга жакын болушат. Сүрөтү көп китептерди сүйүшөт. Кыял күчүн ойготкон китептерди тандашат.

**5 жаш.** Жалгыз өзү, же болбосо, чоң адамдын жанында ойноону жактырат. Топ ойноо, кубалашып, селкинчек тебүү; кол менен жасай турган нерселерге да кызыгуусу арткандыктан, кесип, жабыштыруу, сүрөт тартып боёо же бир сүрөткө тамга же сан кошуп жазуу, китептен көргөн сүрөттү карап тартуу жана бөлөк-бөлөк болгон сүрөттөрдү бириктирүүгө окшогон оюндарды ойношот.

**6 жаш.** Бул жаштагы бала оюнду иш сыяктуу көрөт. Боёо, кыркып жабыштыруу, сүрөт тартууну жактырат. 6 жаштагы бала өзүн бир топ токтото алат. Топ, секиргич (скакалка) секирүү, сууда сүзүүгө окшогон оюндарды ойногонду жакшы көрөт.

# Айкөл сүйүүсү – 9

## Чиркей чиркейдин канын сорбойт



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Күн төбөдөн куйкалай тийип, кумурскалардын ортосу шаарга окшош, четтери айылга окшош уясын тынымсыз кактап жатты. Бечара кумурскалар ошого карабай көр тирилигин кылып иштеп жүрүшөт. Айла жок, тирүү жан болгондон кийин баарына чыдаш керек тура. Натыйжада, булар дагы чыдап атышат. Баса бул күндөрү Кумурзстанда тарыхта болбогон иш болду. Мындай окуя буга чейин такыр болгон эмес. Эми да болоорун Кудай билет. Биринчи жана акыркы жолу болду окшойт. Тээ тиги миңдеген миңдеген мурут алыстыкта, көз жеткис көлмөлөрдүн ары жагында жашаган Амиркуядан Кумурзстандык кумурскага тарыхта биринчи жолу «жөн эле» деген сыйлык берип жиберишиптир. Ооба, сыйлыктын аты так ошондой аталат экен. Андан да кызыгы бул сыйлык буга чейин эч кимге берилген эмес. Айтмакчы «Жөн эле» сыйлыгын жөн эле бере бербейбиз. Аны алыш үчүн эч бир максатсыз, жөн эле бир нерсе кылыш керек» дешти Амиркуянын кумурскалары. Алардын айтуусу боюнча, бул сыйлыкка Кумурзстандын жашоочусу Газимжон Хаскар «бир нече кумурсканы жөн эле өлтүрүп койгону үчүн» татыктуу деп табылыптыр. Мына кызык деген ушу! Көрсө буга чейин бир дагы кумурска бир да жолу жөн эле бирөөнү өлтүрбөптүр. Элдин баары кандайдыр бир кызыкчылык үчүн ушундай ишке барат экен. Тарыхта биринчи жолу так ушул Газимжон Хаскар гана бир нече кумурсканы жөн эле өлтүрүп койгон экен. Бирок бул кабар Кумурзстандыктарга көп деле жаккан жок.

- Андай болсо баягы Госама ден Лагенге деле беришпейт беле. Канча Амиркуялык кумурсканы жөн эле өлтүрүп койду. Же тигил Сарнайипге беришпейби? Тим эле атайын келип биздин зынданда жаткан кумурскага беришет. Эми аны көрүп башкалар да жөн эле бирөөнү өлтүрө берсе эмне болот?

Кээ бирөө ушунтип наалып атса, дагы бирөөлөр:

- Амиркуяда туруп алып бул жакта зындандын түбүндө жаткан кумурсканы кайдан көрүп калышты. Аларды карап турсам кандай кыйын кумурскалар сыйлыкка жетпей жүрөт. Мисалы, Лөөнарда Декаприге эмнеге беришпейт? Анжаали Жойлу качан сыйлык алат? Берет Бит деле канчадан бери жөн эле жүрөт, - деп таң калып отурат.

А дагы бирөө болсо,

- Биздин Газимжон Барик Абомону тааныбашы мүмкүн. Бирок Абомо Хасмжонду тааныйт, - деп күлүп жатты. Бул сыйлыкка бир гана чукукчу Дөдөйкан Смайлиго ыраазы болуп жүрдү. Ал кайда болбосун үнүн бийик чыгарып,

- Газимжон «жөн эле» сыйлыгына эң татыктуу кумурска. Себеби ал бардык ишти жөн эле кылат. Мисалы, буга чейин пахтакорлорго кутурма оорусун жөн эле жугузган. Жөн эле кумурска өлтүргөн. Жөн эле күнөөсүн мойнуна алган жана зынданда да жөн эле отурат. Аны эми жөн эле чыгарып коюш керек, - деп жүрдү. Баса, башкалар балким жөн эле сүйлөп, жөн эле жашаганы чындыр. Бирок ушу Дөдөйкан эч качан жөн эле бир нерсе кылбайт. Ал бардык нерсени капуста үчүн кылат. Эгер ага кимдир бирөө ашыкчараак капуста берсе, анда ал энесин да сатып ийиши мүмкүн. Кызы бул жолу да ага көп сандагы капуста келсе керек. Болбосо бул деле Амиркуянын «жөн эле» сыйлыгын алмак да.

Бирок, иштин эң кызыгы, Шашанын чечкиндүү кадамы болду. Ал жакында эле Орсуяда өткөн Шерилелеш Кумурскалардын Уюмуна (ШКУ) катышып келди эле, ошол жерден ала күү болуп келгенби, же Амиркуяга көптөн бери муштум кезеп келаткан Орсуянын уяханы демитип койгонбу, айтор эч ким күтпөгөн чечим чыгарды.

- Эгер алар жөн эле сыйлык беришсе, анда мен да алар менен жөн эле катышпай коём – деп салды ал. Мындай болуп кетет деп ким ойлоптур? Керек болсо Амиркуялыктар да ойлобосо керек. Бирок, алар ак да дебей, көк да дебей, мыйыгынан жылмайып туруп калышты. Кызы «Кой, шеринеден жаңы келген немеге теңелбейли» дешти окшойт. Деги алар билет кимге кандай мамиле кылышты. Башкаларчылап дароо балп эттирбейт. Кандай кумурска болбосун мыйыгынан жылмайып туруп нары караганда мурутун жулуп алат. Же башка бирөөнүн мурутун жулумуш болуп келип, жанында тургандардын белин үзүп коёт.

***

Сыйлык берилгенден көп өтпөй Башкуянын борборунда дагы бир укмуштуу окуя болду. Чынында бул дагы тарых жалбырактарына өчпөс болуп жазылды десек ашыкча болбос. Капыстан эле кыйма-чийме жолдордун биринде Алпа деп аталган күчтүү тинттер пайда болуп, элге эскертүү берди. Анан карапайым кумурскалар түшүнүп түшүнө электе туш келди таштар учуп, өрт учкундары чачырай баштады. Көрсө, бул аймакка кайдан-жайдан кутурма тийген кумурскалар пайда болуп калыптыр. Бечара Алпа аларды тегеректеп таш жаадырып атып, араңдан зорго колго түшүрдү. Алардын айтуусу боюнча кутурмалар бир нече жерди өрттөшмөк экен. Кийин текшере келгенде алар корголоогон ийинден өтө көп сандагы капуста жана бир канча күкүрт табылды. Бирок, ал күкүрттөр менен капусталар андан нары кайда кеткени белгисиз. Ал тургай азырынча тирүү кармалган кутурмалардын да дайыны жок. Балким коомчулук муну унутпай көпкө чейин уу-дуу кеп кылса, тигилер да байма-бай маалымат берип турушмак.

Тилекке каршы андай болбой калды. Себеби, ушул күндөрдө биринин артынан бири кайталанган окуялар Кумурзстандын жашоочуларынын башын айлантып салды. Ооба, кутурмалар кармалгандан кийин эле Гаджет Хортгаз бирөөдөн жапжашыл капуста алып кармалды. Тим эле жүз таңгак алып жатканда кармашыптыр. Байкуш Гаджет коркконунан «Мен алган жокмун Данко Наромби алды» деп үч жолу кыйкырып жиберди. Алгач аны коркконунан жөөлүп атабы деп ойлошкон. Бирок, кыйкырыкты уга калган Данко тим эле муруттары кыбырап, көздөрү оң тетири айланып, өзүн байкатып койду. Ал тургай коңуз менен сүйрөтсө да түшкүсү келбеген жумшак ордунан учуп туруп туш келди чуркады. Эми ал коңуз тургай аарыга сүйрөлсө да кайрылып ал орунга отура албайт. Айтмакчы, Кумурзстанда «куйрукту көтөргөн буйруктан кур калат» деген айныгыс эреже бар. Ошондуктан бийликке келген кумурскалар эч качан жөндөн-жөн жылуу ордунан турбайт. Күн төбөдө куйкалап, отурган ордунда эрип баратса да жабышканы жабышкан. Бет-сет, уят-сыйыт дегенди дароо жыйыштырып, алдына талпак кылып салып алышат. Аябай аракет кылсаң ошолору биринчи шыпырылып түшүшү мүмкүн. Андан кийин такыр болбой калды дегенде гана өздөрү түшөт. Башка жол менен дегеле түшпөйт. Же болбосо башка жумшак орунду көргөзүп «күчү-күчү, ме-ме» деп чакырсаң гана ордунан турат. Ал эми ага да болбогондорду эшек куртту сабагандай эле сабап, кууш керек. Ансыз деле илгери эки уяхан ошентип жылуу орунга жабышып калганда миңдеген кумурска келип, ийлеп атып араң сыйрып алышкан.


Мына эми ошондой жумшак ордундан Данко өзү тура качып отурат. Мунусу өтө таң калычтуу. Гаджеттин үч жолу кыйкырганы төгүн эмес окшойт. Айтмакчы, Гаджет менен Данко 100 таңгак капустаны Башкуянын мурунку ХЭРи Наригон Туйланы зындандан чыгаруу үчүн алган экен. Кызы алар Кумурзстандын зындандарын аябай жакшы билип алышкан өңдүү. Ким билет буга чейин канча кумурсканы зындандан чыгарышканын? Балким тээ илгери ийнелик минип бийлеген бойдон кеткен Дазиз Ватукаипти да ушулар чыгарышкандыр. Балким, ошонусу ачыкка чыгаарынан корккон Данко Наромби ордунан учуп тургандыр. Эгер, чын эле ошондой болсо эми ага жылуу орун Наригон Туйланын жанынан гана берилет. Бирок, зындандын жолун билген немени зынданга салыш кыйын го. Ай ушу кайра эле бир жылуу орунга жетип алат го бул. «Чиркей чиркейдин канын сорбойт» деген сөз бекеринен айтылган эмес да Кумурзстанда. Болбосо Данкого окшогондор зынданга батпай калбайт беле... Ай ким билет, ким билээт...

**Сунуш жана пикирлер үчүн:**
**saresepaikol@mail.ru**
















Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова.

**Кабарчылар:** Эрлан Жыргалбек уулу, Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова.

**Реклама жана маркетинг:**
Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш.,
Бөкөнбаев көч., 195/71,
**Тел.:** (0312) 93–65–55,

**Пикир айтуу үчүн E-mail:**
saresepkg13@gmail.com
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма № 1858**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП